ҚЫРГЫЗ ССР ИЛИМДЕР АКАДЕМИЯСЫ
ТИЛ ЖАНА АДАБИЯТ ИНСТИТУТУ

Б. ҚЕБЕКОВА

# КЕДЕЙКАН ЭПОСУНУН ИДЕЯСЫ ЖАНА КӨРКӨМДҮК ӨЗГӨЧӨЛҮГҮ

«ИЛИМ» БАСМАСЫ
Фрунзе 1964

*Кыргыз ССР Илимдер Академиясынын Редакциялык-Басма сөз Советинин чечими боюнча басылды*

*Батма Кебекова*

ИДЕЙНО-ХУДОЖЕСТВЕННЫЕ ОСОБЕННОСТИ ЭПОСА «КЕДЕЙКАН»

Жооптуу редактор *С. Закиров*
Редактор издательства *А. Исабекова*
Технический редактор *М. Г. Попова*

Басууга 17/VIII 1964-жылы кол коюлду. Кагаздын форматы 60×90[1]/16.
Көлөмү 2,5 басма табак. 3 учеттук басма табак.
Д—04309. Заказ. 1836/1. Тираж 500 экз. Баасы 21 тыйын.

Фрунзе шаары, Кыргыз ССР Илимдер Академиясынын басмаканасы.

## АВТОРДОН

«Кедейкан» эпосу акыркы мезгилге чейин атайын изилденбегени менен айрым макалаларда учкай болсо да баалуу пикирлер айтылып келе жатат. Ал эми эпостун идеялык багытын, көркөмдүк өзгөчөлүктөрүн атайын изилдөө зарылдыгы азыркыга чейин толук колго алынбай отурат. Ошондуктан, автор бул эмгекте Токтогулдун варианты катарында К. Акиевдин айтуусу боюнча 1938, 1954-жылы басылып чыккан жана А. Үсөнбаевден жазылып алынган экинчи вариантына таянып, эпостун идеялык багытын, көркөмдүк өзгөчөлүгүн белгилөөгө аракеттенет. Жогорку варианттардын ар биринин алган ордун туура көрсөтүү максатында анын чыгыш доору менен варианттары бирге каралды. Поэманын көркөмдүк өзгөчөлүгүн идеялык багыты менен кошо талдоого аракеттендик. Жалпы эле эпостордун ыр түзүлүштөрү сектор тарабынан иштелген башка эмгектерде аздыр-көптүр козголгондуктан, «Кедейкан» поэмасынын ыр түзүлүштөрүн толугу менен карап, кайталап отурууну зарыл таппадык. Окуучулар менен пикир алмашуу максатында айрым талаш маселелерге орун бердик.

## «КЕДЕЙКАН» ЭПОСУНУН ЧЫГЫШ ДООРУ ЖАНА АНЫН ВАРИАНТТАРЫ

Мурун жазма адабияты өнүкпөгөн кыргыз сыяктуу элдердин жашоо тарыхы, күрөшү, умтулушу, көз карашы, салт-санаасы толугу менен эл чыгармачылыгында, учкул кыялында, ой-санаасында сакталып калган. Ошондуктан кыргыз элинин фольклорундагы койчулардын муңдуу арманы, кышкы чилдеде кылчылдап жылкы багып, арыз арманын тоо-таш менен бөлүштүргөн жылкычылардын шырылдаңы, өздөрүнүн укуксуздугун, наразылыгын, армандуу-муңдуу ыр аркылуу билдирип, назик жүрөгүн жаралаган жаш кыздардын кайгы-зары, же болбосо, хандын алмашуусу менен адилетсиздик, теңсиздик, жакырчылык жоголор деп үмүттөнгөн элдик кыял, үмүт менен кошо жаралган абдан кооз, эң бир сонун асыл идеядагы жомоктор коомдук турмуштун шартына, мүнөзүнө байланыштуу келип чыккан элдик аң-сезимдин бир көрүнүшү болуп эсептелет. Фольклор элдин арман-муңун көрсөтүү менен гана чектелбейт. Кайта алардын саясий сезимин ойготуп жандандырат, активдүүлүгүн көтөрөт. Өздөрүнүн жыргалчыгына бөгөт болуучу ар кандай кара ниеттерди жок кылууга үндөп, күрөшкө чакырып, коомдун алмашуусунун ар кандай жолдорун самашат, тилешет. Буга кыргыз элинин кеңири катмарына белгилүү болгон «Кедейкан» эпосу мисал болот. Эпосто ишке ашырылган идеялар эчактан бери эле оозеки чыгармачылыкта, айрыкча жөө-жомокто байкалып келген. Эмгекчи эл хандардын, байлардын эзүүсүндө тепселип жапа тартып, өтө оор турмушта жашаган мезгилде да келечектен үмүт үзбөй, замандын оңолооруна ишенишкен. Ал эми фольклордун жогоркудай мүнөздүү өзгөчөлүгүн М. Горький: «Эл чыгармасын чыгарган сөз чеберлери канчалык оор турмушта жашаса да, алардын оор эмгектери эзүүчү тап тарабынан канчалык жокко чыгарылган жана үмүтсүздүккө келтирилген болсо да, алардын чыгармаларында үмүтсүздүктүн мотиви болбойт»— деп, өтө таамай белгилеген.

Чыныгы эл тарабынан түзүлгөн оозеки чыгармаларда ар

кандай ындыны өчүү, көңүл чөгөт болуу сыяктуу идеялар жат. Тескерисинче, жакырчылык турмуштарын «гүлдүү талаага айландырышып» көңүл жубатып, өз кыялында жыргалдуу турмуштун үлгүсүн жаратышкан. Ал эми коомдун өсүш закондорун айрым гана адамдардын тагдырына, эркине байланыштуу түшүндүрүү, ошол ойлорду жаратуучулар жашаган коомдун деңгээли менен белгиленет. Коомдун өсүш закондорун түшүнбөстүктөн жана түшүнүүгө да мүмкүн болбогон себептүү алар өз кыялдарында зордук-зомбулук, укуксуздук, жакырчылыктын болуп жатышын жеке эле хандардын, башкаруучулардын адилетсиздигинен деп түшүнүшөт. Негизги себеп бүткүл коомдук түзүлүштөн экендигин, ал эми хандар менен башка башкаруучулар ошол коомдук түзүлүштүн куралы экендигин түшүнүүгө чейин көтөрүлө алышпайт. Бул коомдогу болуп жаткан ар кандай адилетсиздиктин булагын жеке адамдардын керт башынан издөө, айрым хандардын алмашуусу менен заман оңолот деген түшүнүк, ой-кыял башка элдердин оозеки чыгармачылыгынан да орун алышы, бийлик жөнүндөгү кыялдануунун бирдей чыгышы алар жашап жаткан доордун, тарыхый шарттын окшоштугу менен түшүндүрүлөт.

Алгачкы жөө жомоктордо эл жетим-жесирлерге кайрымдуу, эли-жерин сырткы душмандардан коргогон башкаруучунун идеялын түзүшкөн. Ошондуктан, «адилеттүү» хандын бийликке отурушу менен жарды дебей, бай дебей бардык элдин тең укукта, бейпилчилик турмушта жашашы менен элдик кыял белгиленет. Ал жомоктордо хан болгон кишинин социалдык катмары, табы айтуучуларды көп кызыктыра бербейт. Айрым учурда хандын кызы, же баласы атасынын адилетсиздигине каршы чыгып, бийликти өз колуна алып «адилеттүү» сурак жүргүзүшү менен жомок аяктайт. Бара-бара коомдун таламына байланыштуу төмөнкү таптын өкүлдөрү да окуяга кызуу катыша баштайт. Төмөнкү таптын өкүлдөрүнүн колуна бийликтин өтүшүн эңсеген элдик кыял, бийлик, таптык теңсиздик жомоктордо ачык көрүнө баштайт.

Мисалы, кыргыз элинде айтылып жүргөн «Койчунун хан болушу»[1] аттуу жөө жомокту алалы. Мында өлгөн хандын осуяты менен учурулган куш койчунун башына конот да, ал кокусунан бийликке келет. Элдин эңсеген ою, көксөгөн мүдөөсү анын хан болуп, адилеттүү бийлик жүргүзүшү менен ишке ашат. Жомокто таптык жиктелүү ачык байкалат. Ага катышкан каармандар — сары тону үстүнөн түшпөгөн койчу, же куур тон кийип, сырткы сымбаты менен өзгөчөлөнбөгөн кедейдин сокур кызы. Бирок өздөрүнүн сырткы кебетеси менен адамды суктандырып өзүнө ийиктирип, бөтөнчөлөнбөгөндүгүнө карабастан, акылга, адамгерчиликке бай, табигый таланттуу адамдар. Кедейлерге акыл үйрөтүп, кембагалга жардам берип, акыйкаттуу бийлик жүргүзүшөт. Эчактан бери эле оозеки чыгармада жашап келген коомдун алмашуусу, бийлик жөнүндөгү элдик нукура идея, кыял, ой жүгүртүүлөр «Кедейкан» эпосунун түзүлүшүнө, поэма катарында калыптанышына шарт түзгөн.

Коомдун алгачкы баскычында пайда болгон жөө жомоктордогу каармандардын социалдык тегине айтуучу кайдыгерлик менен мамиле кылса, кийинки мезгилде тап ачык жиктелип, таптык карама-каршылыктын курч мүнөзгө өтүшүнө байланыштуу чыгарманын идеялык багытына, образдык мүнөздөмөлөрүнө да жаңы кошумчалар, толуктоолор кире баштайт. Коомдогу социалдык теңсиздик, таптык карама-каршылык ачык көрүнүп, катышуучу персонаждар өзүнүн социалдык катмары, кулк-мүнөзү жагынан алгачкы жомоктордогу каармандардан кескин түрдө айырмаланат. Акылдуулук, айлакердик, адамкерчилик жагынан жогорку таптын өкүлдөрүнөн алда канча жогору турган карапайым образдар түзүлөт. Буга мисал катары «Жээренче чечен», «Акылдуу таз», «Хан менен таз», «Айлалуу таз» сыяктуу кыргыз элинин жөө жомокторун көрсөтүүгө болот. Буларда карапайым адамдардын чукугандай сөз тапкан чечендиги, айлакер акылдуулугу жеке керт башында бийликтен башка байлык жок хандардын, бектердин образдарына карама-каршы коюлат. Бирок каармандардын социалдык тегине, кулк-мүнөзүнө, мал-мүлкүнө карап, анын таптык мүнөзүн белгилөө кандай туура эмес болсо, ошондой эле, анын бул тигил түрүн коомдун бир гана формациясында жаратып бүттү деп жыйынтыктоо да фольклордун улам толукталып, алымча-кошумчаланып өзгөрүүгө ээ болуп тура турган спецификалык өзгөчөлүгүн эстен чыгаргандык болор эле. Ошондой болсо да, чыгарманын айрым өзгөчөлүгүн эске алып, анын баштапкы пайда болушу жөнүндө болжолдуу пикирди айтууга болот. Карапайым адамдардын акылдуулугун, укмуштуудай жөндөмдүүлүгүн даңазалап, таптык карама-каршылык ачык көрүнө баштаган жомоктор, сөзсүз, өзүнүн жаралган доору боюнча коомдун кийинки баскычына туура келет. Мисалы, «Жээренче чечен», «Акылдуу тазда» айтуучунун симпатиясы карапайым адамдардын тегерегине топтолгондугу ачык көрүнөт. Жогорку таптын өкүлдөрүнүн колунда бийлик, күч, байлык, мал-мүлк топтолгондугуна кара-

[1] Кыргыз ССР Илимдер Академиясынын коомдук илимдер бөлүмүнүн кол жазма фондусу. Инв. № 511 (Мындан ары Академиянын фондусу деп кыскартылып берилет).

бастап, кедейдин тунук акылына, айла-амалына тең келе албай, жеңилишке учурайт. «Кедейкан» эпосу айрым лирикалык ырларда, арман, кошок, тамсил, макал, лакап, айрыкча жөө жомоктордо өнүктүрүлгөн элдин мүдөөсүн, күрөшүн, умтулушун белгилеген эң курч идеяларды кучагына алат. Ал эми эпостун жөө жомокторго идеялык-мазмундук жагынан жакындыгы «Кедейкан» поэмасы алгачкы мезгилде жөө жомок түрүндө эл арасында жашаганбы деген ойго алып келет. Бара-бара коомдун таламына байланыштуу ырга айландырылып, өз аймагын кеңитип, бир канча социалдык-турмуштук маселелерди өз кучагына камтыган болуу керек. Айрым изилдөөчүлөр «Кедейкан» жомок түрүндө айтылып жүрүп биринчи жолу кыргыз адабиятынын классиги Токтогул тарабынан кара сөздөн ырга айландырылган болуу керек деп болжолдошот»[1]. Бул пикирди Токтогулдун таланттуу окуучуларынын бири К. Акиев да кубаттайт[2]. Токтогулдун вариантында бийлик жөнүндөгү утопиянын жогорку деңгээлге көтөрүлүшү, улуу демократ-акындын жеке гана талантына, акындык почеркине тиешелүү стилистикалык бөтөнчөлүктөрдүн орун алышы жогорку пикирлердин тууралыгын көрсөтөт. А. А. Петросяндын «зачатки эпоса могут содержаться в других жанрах — в рассказах героического, мифологического и сказочного характера, из которых героический эпос начинает выделяться как новый жанр»[3]—деген пикири эпостун жомок жанрынан бөлүнүп чыгышын белгилөөдө мааниси зор. Ошондой эле поэманын идеялык багытын, образдык түзүлүшүн талдоодо жөө жомоктун таасиринин күчтүүлүгү ачык байкалат.

Эпос элдин жашоо шартын, санаа-салтын, ырым-жырымын, карым-катнашын реалдуу көрсөтүү менен социалдык маселелерди курч коёт. Ошол себептүү «Кедейкан» коомдук-социалдык эпоско кирет. Кедей жалтанбас-кайраткер, акылдуу-айлакер, буту чор, колу кесик эмгекчилердин кызыкчылыгын сактоочу, алардын күрөшүүчүсү. Ал башка жомоктордо түзүлгөн оң каармандардан жалпы жогорку таптын өкүлдөрүнө эшен, кожо, молдолорго тайманбастан каршы турушу менен айырмаланат. Ал эми социалдык маселелердин курч коюлгандыгына караганда эпостун доору таптык жиктелүү өтө ачык байкалып, таптар ортосунда карама-каршылык келишпес курч мүнөзгө өткөн феодалдык-патриархалдык мамилелердин өкүм сүрүп турган мезгилине таандык болуу керек.

Боордош элдин оозеки чыгармачылыгында түзүлгөн коом-

[1] Ө. Жакишев. «Кедейкан» эпосунун баш сөзү. Кыргыз мамлекеттик басмасы, Фрунзе—Казань, 1938, 5-бет.
[2] Эпостун баш сөзүнөн караңыз, 6-бет.
[3] Известия АН СССР, том 18, вып. 6, 408-бет.



дук-социалдык эпостор менен «Кедейкан» поэмасынын идеялык жагынан үндөштүгүн, айрым сюжеттик окшоштугун эмне менен түшүндүрүүгө болот. Бир канча элдердин фольклорунда өзүнүн идеалы, умтулуусу боюнча бири-бирине туура келген окшош образдардын түзүлүшү, ириде коомдук-экономикалык шарттын окшоштугу, таптык күрөштүн бирдейлиги менен белгиленет. «Кедейкан» тажик, өзбек, армян, азербайжан, кара калпак ж. б. элдерде айтылган «Кероглы» эпосунун ар түрдүү варианттары менен идеялык жагынан үндөшөт. Анткени жогорку поэманын башкы каарманы Кероглы феодалдык эзүүгө, монархиялык чексиз бийликке каршы чыгып, элдин кызыкчылыгы үчүн күрөшөт. «Кедейкан» эпосундагы Кедейдин образына төмөнкү таптын катмарынан чыккандыгы жана карапайым адамдардын таламын көздөгөндүгү менен окшошот. Жогорку эпостун айрым вариантында элдик баатыр өзүнчө мамлекет түзүп, анда жакырдыкты, жокчулукту билбестен, бардык эл бирдей турмушта жашагандыгы жөнүндө баяндалат. Тажик элинде айтылган Курбон Сафардын варианты боюнча Гургилишо деген койчу «Чамбули мастон» аттуу кедейлердин мамлекетин түзүп, анда укуксуздукту, теңсиздикти билбестен бардык эл бактылуу жашашат.

Ошентип, ар бир элдин жашоосундагы тарыхый шарттын бирдейлиги жана алардын бири-бири менен болгон карым-катнаштары адилеттүү заманды эңсеген, жогорку таптын өкүлдөрүнүн ач көздүгүн, карасанатайлыгын, кара ниеттүүлүгүн ашкерелеп, алардын жок болушун өз кыялдарында жараткан бирдей идеядагы чыгармалардын пайда болушуна шарт түзгөн. Фольклордогу бул сыяктуу оптимисттик ойлор эмгекчи массалардын саясий сезимин ойготуп, күрөшкө чакырган.

Элдик оозеки чыгармаларды жыйноочулардын бири К. Мифтахов «Кедейкан» эпосун тарыхый чыгарма катарында карап, анын башкы каарманы Кедейкандын прототибин тарыхтан табууга аракеттенген[1].

Ал эми К. Мифтахов белгилегендей Кедейканды тарыхый адам катарында кароого эч кандай негиз жок. Бул маселенин бир жагы, экинчиден, ал поэмада тарыхый адам катарында сүрөттөлбөйт. Поэманын эки вариантында тең анын ата-тегинин хандардын тукуму менен эч кандай байланышы жок экендиги ачык айтылат. Тескерисинче, карапайым адамдардын арасынан чыккан эмгекчинин, болгондо да, түркмөн элине тентип барган Курама, Сары аттуу «тексиз», «элсиз» кулдун баласы болуп саналат. Ошондуктан Кедейканды тарыхый адам

[1] Академиянын фондулук материалдарынан. Инв. № 243, 2-бет.

катарында баалоого караганда көркөм образ катарында талдоо туура болор эле.

Эпостун жаңылыгы, түзүлгөн коомдук шарты боюнча кийинкилиги төмөнкү маселелердин курч коюлушунан көрүнөт. «Кедейкан» эпосунда элдин бийлик жөнүндө ой-санаасынын, үмүт-тилегинин жаңысы берилет. Мында элдин жыргалдуу, теңдик бийликке жетиши мифтик каармандардын, духтук түшүнүктүн жетелөөсү аркылуу болбостон, карапайым элдин өкүлүнүн реалдуу адамдын катышуусу, анын кыймыл-аракетинин негизинде болот. Албетте, бийлик жөнүндө ой жүгүртүүнүн берилишинде өз элинин турмушу, мүдөөсү, кызыкчылыгы менен бирге жашаган айтуучу коомдун деңгээлинен, көз карашынан, түшүнүгүнөн көтөрүлүп кете алган эмес. Эпосту жаратуучу эл ошол кездеги шартта коомдун алмашуу закондорун түшүнө албаган жана түшүнүүгө да мүмкүн болбогон себептүү «Кедейканда» бийлик жөнүндөгү ойлор таптык көрөштүн деңгээлине чейин көтөрүлө алган эмес. Ошондуктан, эл теңдик заманды коомдун алмашуусунан эмес, айрым хандардын керт башынан, алардын адилеттүүлүгүнөн издешкен. Акыл-айла менен бийликти өз колуна алган карапайым адамдын образын өз кыялында жаратышып, коомдун алмашуусунун стихиялык жолдорун белгилешкен.

Экинчиден, «Кедейкан» эпосунда таптык жиктелүүлөр ачык байкалат. Эпостун эки вариантында тең Азимкан хан менен Ак эшендин бири-бири колдошуп, көмөк көрсөткөндүгү айтылат. Азимкандын бийликти кармап турушунда эшендин ролу зор. Кийин анын хандыкты Кедейге беришинде да эшендин колдоосунан ажырап калуу коркунучу себепчи болот. Ал эми экөөнүн кызыкчылыгынын ажыратылбастыгы эпостогу:

Башынан сыйлап барк кылып,  
Падышасын баш кылып,  
Барчасы бирге эшендин  
Коомунда жүргөн эл эле[1].

же:

Ханы кадыр кылбаса,  
Калпасы мендей болобу?  
Беги кадыр кылбаса,  
Эшени мендей болобу?[2]

сыяктуу ыр саптарынан ачык көрүнөт.

Эпосто эки таптын ортосундагы карама-каршылык антого-

---

[1] А. Үсөнбаев. Кедейкан, Академиянын фондулук материалдарынан. Инв. № 243, 14-бет.

[2] Токтогул жана Калык. Кедейкан. Фрунзе—Казань, 1938-жылы. 47-бет. (*Мындан ары китептин аты, бети гана көрсөтүлөт*).



нисттик мүнөздө сүрөттөлөт. Токтогулдун варианты[1] боюнча Кедей башынан эле бай-манаптарга каршы болот. Анын бардык кыймыл-аракети жогорку таптын өкүлдөрүнө каршы багытталгандыгы оң каармандын:

Калкыма салдым көп чууну,  
Ханы менен бек кууду.  
Тың чыксам залим көралбай,  
Чыйрак чыкты деп кууду?[2] —

деген сөзүнөн даана көрүнөт. Ал бала күнүнөн тартып эле тың чыгып, өз тегерегине бир тилектеш кедейдин балдарынан жолдош курап, «түркмөн элинин байларынан жебегени калбайт». Ошондуктан, Залимкан хандан баштап бай-манап, бектерине чейин Кедейге каршы топтолушат.

Эпостун жаңылыгын, же таптык коомдун кийинки формациясында түзүлүшүн көрсөтүүчү дагы бир белги ханды шайлоодогу ойдун, көз караштын жаңылыгы. Эл эзүүдөн, укуксуздуктан бошонуунун жолун ар дайым издеп келишкен, ал үчүн эпосто эл тарабынан шайланып элдин колдоосуна ээ болгон «хандын» бийлигинин жашашына жол берген. Кедейдин бийликке келиши менен элдин ой-пикири, талабы, тилеген тилеги ишке ашат.

Кече түшкөн Азимкан  
Салыгын кандай салчу эле,  
Алымын кандай алчу эле,  
Чыгымын кандай бөлчү эле,  
Киминди жаман көрчү эле?[3] —

деп, эл массасына акыл сурап кайрылышынан көрүнөт. Кедейлердин амалдуулугун, айлакердүүлүгүн, шыктуулугун даңазалаган элдик нукура идея «Кедейкан» эпосунда жаңы мүнөздөмөлөр, көз караштар, ой-жүгүртүүлөр менен толукталат.

Кыргыз элинин башка эпосторуна караганда «Кедейкандын» кийинкилигин белгилөөчү дагы бир белги дин жана анын өкүлдөрүнө каршы чыгуу, алардын алдамчылыгын ашкерелеп, «касиеттүүлүгүн» жокко чыгаруу болуп эсептелет. Ал эми мындай көрүнүштөр таптык коомдун кийинки баскычтарына таандык. Анын диндик ишенүүлөрдөн, мифтик түшүнүктөрдөн таптакыр тазартылышы да поэманын пайда болгон доорунун жаңылыгын көрсөтөт. Эпосто таптардын ортосундагы карама-каршылыктын курч мүнөздө сүрөттөлүшү, дин жана анын өкүлдөрүнүн алдамчылыгын эл алдында ашкерелөө сыяктуу көрүнүштөр, башкача айтканда, патриархалдык-

[1] Эскертүү: Токтогулдун варианты деп берилген вариант К. Акиевден жазылып алынган. Бирок, ага карабастан, түп нускасын айтып жүргөн Токтогулдун варианты катары кетирдик.

[2] Кедейкан, 13-бет.

[3] Кедейкан, 32-бет.

феодалдык коомго мүнөздүү кагылыш-катнашуулардын поэмада чагылышы анын жаралган доору жагынан кыргыз эпосторунун эң кенжеси экендигинин күбөсү.

«Кедейкандын» бизге эки варианты белгилүү. Бири Калыктын айтуусу боюнча жазылып алынган Токтогулдун варианты. Ал 1938-жылы жарыкка чыгат. Ар кандай тескери идеядан тазартылган эпостун акыркы кыскарган формасы 1954-жылы басылып чыккан Токтогул Сатылгановдун ырлар жыйнагына киргизилет. 1923-жылы А. Үсөнбаевден К. Мифтахов жазып алган эпостун экинчи версиясы алгачкы түрүндө Кыргыз Илимдер Академиясынын фондусунда сакталууда.

Эки варианттын жалпы мазмундук линиясы окшош болгону менен бул, же тигил идеянын ишке ашышы ар бир айтуучунун талантына, жекече көз карашына карата ар башка чечилген. А. Үсөнбаевдин вариантында окуя тикеден-тике Данныйчанын (Кедейдин) Ак эшенге баш калкалоого келишинен башталат. Ал эми Токтогулдуку боюнча жогорку учурга чейин оң каармандын өткөндөгү өмүр жолуна толук баяндама берилип, андан кийин анын кедейлердин балдарын өз тегерегине топтоп, бай-бектердин малын уурдашы, зынданга түшүшү, андан качып чыгышы сыяктуу ар кырдуу окуялар сүрөттөлөт. Бул жардамчы эпизоддор эпосто композициялык тыгыз байланышты сактап, көтөрүлгөн идеянын так жана ишенимдүү ишке ашырылышына шарт түзөт. А. Үсөнбаевдин вариантында Даныйчанын Ак эшенди издеп келишинин себептери ачылбагандыктан, анын хан болушу, Азимкандын эч каршылыксыз эле тактысын бере коюшу ишенимсиздикти туудурбай койбойт. Бул версиянын биринчи бөлүмү, негизинен, Даныйчанын Ак эшенге келиши, алдоо жолу менен бийликти ээлеп хандыкты кайра бербей коюшу сыяктуу схеманы ичине алат да, анда негизги окуянын сөлөкөтү сакталгандыгына карабастан, бири-бири менен байланышсыз келки-келки эпизоддорду түзөт.

Токтогулдуку боюнча Кедейдин хан болушу окуянын жүрүшүндө даярдалгандыктан, анын бийликте кала бериши ишенимдүү чыккан. А. Үсөнбаевдин вариантында окуя үзүлүп-үзүлүп берилгендиктен, элге таандык негизги данегин бөлүп алуу да кыйынчылыкка турат. Сөзсүз, бул варианттан Токтогулдуку идеялык-көркөмдүк, композициялык түзүлүшү жагынан жогору турат. Анткени элдин үнүн, үмүтүн, максатын даана көрөбүз. Ал эми А. Үсөнбаевдики эпостогу бул, же тигил көрүнүштү тактоодо зарыл. Өз алдынча турганда изилдөөнүн объектиси боло албайт. Ошондуктан «Кедейкан» поэмасынын идеялык багытын белгилөөдө, анын айланасында болгон талаш-тартыштарды чечүүдө 1938-жылкы биринчи басылышына жана ар кандай кошумчалардан тазартылып, 1954-жылы ыр-



лар жыйнагына кирген элдин чыныгы, нукура талантынын мөмөсү Токтогулдун вариантына кайрылабыз. Ошондой эле бул версия жөнүндө сөз козгоодо эпосту кеңири эл катмарына таратууда К. Акиевдин сиңирген эмгегин баса белгилей кетүү керек. Анткени таланттуу акын бул поэманы узак убакыттар бою айтып келген. Ошондуктан белгилүү даражада К. Акиевдин жеке көз карашы, айтуу чеберчилиги өз изин калтырбай койгон эмес.

1952-жылы «Кызыл Кыргызстан» газетасына 1939-жылы акын К. Акиевдин айтуусу боюнча жарыкка чыккан «Жаныш-Байыш» поэмасын сынга алган Ж. Таштемировдун макаласы жарыяланат. Автор жогорку эпостогу хан тукумсуз калбайт, кулдар бийликти ала алышпайт, чексиз монархиялык бийликти жок кылууга болбойт деген идеянын зыяндуулугун белгилөө менен анын байдын ырын ырдап, муңун муңдап, алардын таламын жактаган байчыл поэма экендигин белгилейт.

Ушул эле жылы К. Бейшембаевдин «Кызыл Кыргызстан» газетасына «Сарынжи-Бөкөйдү» катуу сынга алган макаласы жарыяланды. Автор эпосту анын катышкан каармандары хан, хандын тукумдары болгон үчүн эле элдик эмес деп эсептеп, оозеки чыгарманын өзгөчөлүгүн эске алган эмес. Сындын адилетсиз айтылгандыгы 1954-жылы «Кенже эпостордун элдиктүүлүгүн аныктоого карата» өткөрүлгөн конференцияда К. Рысалиев, Ж. Таштемиров жана башка жолдоштор тарабынан белгиленди[1]. Эпостун каармандарын мүнөздөөдө фольклордун спецификалык өзгөчөлүгүн эстен чыгаруу, ага жазма адабияттын эрежелерин таңуулоо сыяктуу зыяндуу практиканын жайылышынын кесепетинде узак убакыттар бою «Кедейкан» эпосунун айланасында да талаш-тартыштар болуп келди.

1954-жылы «Кенже эпостордун элдиктигин аныктоого карата» өткөрүлгөн конференцияда бул эпос тууралу атайын доклад коюлуп, анын чыныгы элдик чыгарма экендиги, анда карапайым адамдардын мүдөөсү, келечектен күткөн тилеги, ой-пикири чагылышкандыгы белгиленди. Албетте, анын айланасында талаш-тартыштардын жүрүшү да негизсиз эмес. Эгерде жогорку таптын өкүлдөрү тарабынан айрым элге жат, терс идеялардын киргизилишине карап бүтүндөй жараксыз деп табуу кандай туура эмес болсо, элдин ой-тилегине, мүдөөсүнө карама-каршы келген байчыл-улутчул идеялардын орун алышын жокко чыгаруу оозеки чыгармачалыктын таптык мүнөзүн тангандыкка жатар эле. Ошондуктан эпостун салмагын белгилөөдө, талаш-тартыш маселелерди чечүүдө иштин эки

[1] Академиянын кол жазма фондусу, инв. № 1633.

жагын тең эске алып, биринчи иретте анын композициялык түзүлүш структурасын аныктоо биринчи орунга коюлушу керек.

«Кедейкан» эки бөлүмдөн турат. Токтогулдун варианты боюнча каармандын балалык учуру, анын бай-бектердин малын уурдап, зынданга түшүшү, андан качып чыгып, Ак эшенге келип кол бериши, Азимкандын ордуна хан болушу биринчи бөлүмдү түзсө, андан ары Азимкандын тентиши, үй-бүлөсүнөн ажырашы, акыры барып бир жерге хан болуп жашап калышы менен поэманын экинчи бөлүмү аяктайт. А. Үсөнбаевдин вариантында поэма Даныйчанын (Кедейдин) эшенге келип баш калкалашынан башталат да, басымдуу орунду Азимкандын окуясы ээлейт. Эпос жөнүндө пикир айткан адамдардын көпчүлүгү сюжеттик-композициялык түзүлүшү жагынан экинчи бөлүмдүн биринчи бөлүм менен байланышсыздыгын, өзүнчө бир поэмалык сюжетке татыктуу экендигин белгилешет. Бул жөнүндө Г. Самарин,[1] Д. Сулайманов[2], Ж. Таштемиров[3] ж. б. адабиятчылардын ою бир жерден чыгат. Чындыгында да поэманын эки бөлүмүнүн ортосунда сюжеттик байланыш жок. Ошондой эле логикалык бирдиктин жоктугун эске алганда да, бири-биринин уландысы катарында кароого болбойт. Ж. Таштемиров Азимкандын бийликтен түшүшүнөн кийинки окуяны өзбек элинин «Күнтугмуш» («Холбика») деген романтикалык поэмасынын мазмунунан эч айырмасы жок деп жазат[4]. «Кунтугмуш» поэмасы боюнча эки жаштын кошулуусуна ата-энеси каршы болот. Бирок ар кандай карасанатайлык сүйүшүп калган эки жашты ажырата албайт. Экөө качып чыгышат. Бир канча мезгилдерден кийин Холбика эгиз бала төрөйт.

Чөлдүү талаада ачкачылыктан алсыраган буларга кербендер учурап, Холбиканы алып кетишет. Атасы эки баласы менен аялын издеп келе жатып, бирөөн суугa агызып, экинчисин карышкырга көтөртүп жиберет. Күнтугмуштун башына куш конуп, бир шаарга хан болот. Акыркы үй-бүлөсүн таап, баш кошушат. «Кедейкан» эпосунда Азимкан да жогоркудай эле окуяларды башынан өткөрөт.

Бирок, айрым сюжеттик окшоштукка карап, мындай мүнөздөгү поэманын жаралышын такыр жокко чыгарууга бол-

[1] Г. Самарин. Киргизские эпические поэмы. Кыргыз ССР Илимдер Академиясынын коомдук илимдер бөлүмүнүн кол жазма фондусу, инв. 1909.

[2] Д. Сулайманов. Кыргыз элинин социалдык-турмуштук поэмалары жөнүндө, Инв. № 1633 (Академиянын кол жазма фондусунан).

[3] Ж. Таштемиров. «Кенже эпостордун элдиктиги жөнүндөгү маселеге карата. Инв. № 1633 (фондулук материалдардан).

[4] Жогоркудан караңыз. 59-бет.



бойт. Анткени ушундай эле мазмундагы поэмалар кыргыз элинде түзүлүп калышы да мүмкүн. Азырынча өз алдынча жашаган бул сыяктуу поэма биздин колдо жок. Ал эми Ж. Таштемировдун келтирген фактыларына караганда айтылган пикирде чындыктын үлүшү бардай. Бирок ошол эле изилдөөчү «Таластын аягында Күнтугмуш деген жер бар. Буга карай «Күнтугмуш» деген поэма мурун айтылып жүрсө да, «Кедейканга» кошуп жибергендиктен, кийин өзүнчө аткарылуудан калууга чейин барган го деген ой туулат»[1] — деген экинчи бир пикирди айтат.

Ал эми ушул мезгилге чейин Талас өрөөнүндө «Күнтугмуш» поэмасынын жашаш чындыгын далилдей турган вариант табыла элек. Ошондуктан бул пикир тактоону, толуктоону талап кылат.

Айрым изилдөөчүлөр экинчи окуя «араб жомокторунан алынган» деп болжолдошот. Бул сыяктуу поэмалардын пайда болуш, жаралыш өзгөчөлүктөрүн изилдөө биздин ишибиздин негизги максаты болбогондуктан, жогоркудай айрым пикирлерге таянып, «Кедейкан» эпосундагы экинчи окуя өзүнчө жашаган сюжеттүү толук поэма экендигин айтмакчыбыз. Мейли араб жомокторунан, мейли, «Күнтугмушдан» болсун элдин оюн, тилегин, күрөшүн даана көрөбүз.

Поэманын экинчи бөлүмүнүн «Кедейкан» эпосу менен жалпылыгы жок экендиги анын оригиналына кайрылууда ачык көрүнөт: Эпостун эки бөлүмү сюжеттик курулушу, композициялык түзүлүшү жагынан бири-бири менен байланышпайт. Эки башка зачиндүү, концовкалуу окуялардан турат. Ошондой эле идеялык багыты жагынан да кескин ажыратылып калган. Анткени поэманын биринчи бөлүмүндө жүзөгө ашкан идея элдик тилек жана элдик үмүт, алардын келечекке карата умтулушу болуп саналат. Ошондуктан Кедейдин бардык кыймыл-аракети, Азимкандын ордуна хан болушу эл тарабынан кубатталат. Ал эпостогу:

Арбак урган Азимкан
Ай сайын салык салыптыр.
Агар алтын, ак күмүш
Эчтеме койбой алыптыр[1]

сыяктуу ыр саптарынан көрүнөт. Элдик көз караштa Азимкан элге кылган зулумдугу үчүн жазасын тартат. Демек, андай кара ниет адамдардын эл арасынан кубаланышы, анын ордуна адилеттүү Кедейдин хан болушу элдин көз карашында кубатталган идея. Ошондуктан, элдик умтулуш-күрөш поэманын идеялык багытын түзгөн. Эпостогу экинчи окуя биринчи бөлүмдө ишке ашырылган идеяга карама-каршы келет. Эгер

[1] Токтогул жана Калык. Кедейкан. 1938-жыл, 94-бет.

жогорку бөлүмдөн эмгекчи элдин өкүлү «жогорку таптын үстөмдүгүн кулатып, бийликти колуна ала алат» деген корутунду чыкса, экинчи окуяда, феодалдык эски бийликти кулатуу мүмкүн эмес, «Хан» тукуму кор болбойт» деген зыяндуу идея ишке ашат. Чындыгында «Кедейкан» өз алдынча эки поэмадан турат. Кедейдин хан болуп, төрт жолдошун, энесин алдырышына чейинки окуя өзүнчө бир сюжетти түзсө, Азимкандын мусапырчылыгы, Гүлайымдын уурдалышы, акыры анын кундуз-жылдыз элине вазир болушу экинчи бир поэма катарында жашоого жарактуу.

Ал эми «Күнтугмуш» сыяктуу поэмалар өз алдынча тургандa элдин умтулуусун, оптимисттик күрөшүн, көз карашын толугу менен өз аймагына камтыйт. Жогоркудай таза идеяны берген элдик чыгармалардын «Кедейкан» эпосунун уландысы катарында киргизилиши эрдиктин, кайраттуулуктун, таймансыздыктын, адамгерчиликтин идеалын чагылыштырган элдик үмүт-кыялдын, ой-тилектин багытын да тескери буруп койгон.

«Кедейканда» жогоркудай элдик чыгарманын духуна туура келбеген зыяндуу кошмолордун орун алышы кокустук эмес. «Кедейкан» коомдук-социалдык чыгарма. Анда тикеден-тике эзүүчү таптардын үстөмдүгүн жок кылып, кедей-кембагалдардын бийликти ээлеши жөнүндө маселе коюлат. Бул сыяктуу прогрессивдүү идеянын элдин калың катмарына жайылышын жогорку таптын өкүлдөрү да каалашкан эмес. Ошондуктан, элдин башын айландыруу максатында өз бет алдынча жашаган поэманы эпоско киргизүү менен биринчи окуяда эле жыйынтыкталган элдик ойдун багытын тескери бурган.

Ушул максатта бүткөн окуя андан ары улантылат. Ач-жылаңач бир баласын көтөрүп, бир баласын жетелеп, Азимкандын тентиреши, аялынан, балдарынан ажырап зар какшашы эпосту тыңшоочулардын Кедейге карата жек көрүүсүн туудурбай коё албайт. Анын Гүлайымды алууга кылган аракети анын күрөшүнө баскынчылык, адилетсиздик мүнөз берет. Жогоркудай эпизоддордун поэмадан орун алышы андагы ишке ашырылган элдик прогрессивдүү кыялды, үмүттү жокко чыгарып, жогорку таптын өкүлдөрүнүн чырагына май тамызат.

Эпос таптык карама-каршылыкты курч көрсөтүп, элдин тилеги, үмүтү, жашоо шарты, күрөшү менен айкалышкандыкта, үстөмдүк кылуучу таптардын да көбүрөөк көңүлүн бөлгөн. Ошондуктан анын маанисин төмөн түшүрүүгө аракеттенишип, эшендин Кедейди каргап шал кылып коюшу, өзүнүн поступкасы үчүн жазаланышы сыяктуу варианттарды да эл арасына таратышкан. «Кедейкан» эпосунун жогорку таптын өкүлдөрүнүн кызыкчылыгына карата өзгөрүүлөргө учурагандыгына Ө. Жакишевдин К. Акиев менен болгон аңгемелешүү-



сү далил болот. К. Акиев жогоркудай Кедейдин шал болуп калышы сыяктуу варианттардын тарашы жөнүндө: «Ак Эшендин Кедейканды каргап, колу-бутун шал кылгандыгы жалган сөз. Аны көбүнчө илгерки убакытта кээ бир ырчылар байдан, манаптан, молдолордон бирдеме алуу үчүн бузуп айтышчу»[1] дейт. Демек, «Кедейкан» эпосунда эки таптын идеологиясын жактаган эки башка бири-бирине карама-каршы идеянын орун алышы ошол кездеги коомдук шарттын татаалдыгы, таптардын кызыкчылыгынын келишпестиги менен белгиленет.

Корутундулаганда поэмадагы экинчи окуя таптык сезими өсүп келе жаткан кедейлердин көңүлүн алаксытып, алардын бийлик, демократия жөнүндөгү үмүтүнө сокку урат. Ошентип бул бөлүмдүн элдик чыгарма менен эч кандай байланышы жоктугуна карабастан, бир канча убакытка чейин демократ акын Токтогулдун аты менен китепке чыгып келди. Ал эми чындыгында эле анын экинчи бөлүмү Токтогулга таандыкпы, же кийинки кошмолордонбу, муну чечүү маанилүү маселе. «Кедейкан» башында кара сөз менен айтылып, жөө жомок түрүндө эл арасында жашап келген, Токтогул биринчи жолу көркөм сөздөн ырга айландырган деген пикир жашап келе жатат. Демек, эпостон белгилүү даражада акындын почеркине гана тиешелүү терең идеялуулук, стилистикалык бөтөнчөлүк, көркөмдүк өзгөчөлүктөр орун албай койбойт. Токтогул элдин акыны. Ошондуктан элдин үмүтү, тилеги, элдин үнү акындын чыгармаларынын жаны жана каны. Токтогул эпостун биринчи бөлүмүндө элдин адилеттүү заманга, акыйкаттуу бийликке карата умтулушун, күрөшүн, көз карашын көркөм жана элестүү түрдө бере алган. Бул бөлүмдүн ага таандык экендиги, биринчиден, поэмадагы көтөрүлгөн идеянын ачыктыгынан, курчтугунан көрүнөт. Токтогулдун таптык кызыкчылыкты ажырата түшүнгөн, өз табынын ураанын чакырган акын экендигине анын байларды, эшен, молдо, кожолорду мыскылдап ырдаган «Эшен калпа», «Үч кожо», «Беш каман» ж. б. ырлары далил болот. Акындын жеке көз карашы белгилүү даражада эпосто да өз изин калтырган. Окуянын башталышында эле эки таптын карама-каршылыгы келишпес курч мүнөздө сүрөттөлөт. Ал эпостогу:

«Жакырларга жанашпай
«Жакшылар өзү бир бирин
Жамандыкка каалашпай»[2],
«Каргап жутам» деп жүрүп
Коркутуп элди жеп жүрүп
Тоодон чоң эшен күнөйүн»[3]

[1] Кедейкандын баш сөзүн караңыз. Фрунзе—Казань, 1938, 4-бет.
[2] Ошонун өзүндө. 99-бет.
[3] Кедейкан. 1938-ж., 98-бет.

сыяктуу ыр саптарынан көрүнөт. Жогоркудай үстөмдүк кылуучу таптын өкүлдөрүн курч сатира, куйдүргү сөздөр менен ашкерелей алган, саясий көз карашы күчтүү, терең идеялуу ырларды ырдаган Токтогул «Кедейкан» эпосунун экинчи бөлүмүндө аларга бооpу ачып, келишүүчүлүк менен мамиле кылбайт эле. Албетте, бир эле чыгармадан бир-бирине карама-каршы эки идеянын орун алышы акындын көз карашындагы олку-солкулуктан эмес, ошол кездеги коомдук шарттын мүнөзү, фольклордун таптык кызыкчылыгы менен белгиленет. Токтогул өз өмүрүндө эч качан эзүүчү таптарга келишүүчүлүк менен мамиле кылган эмес, тескерисинче, алардын терс кылык-жоруктарын ашкерелөөдө акындардын эч бири көтөрүлө албаган бийиктикке көтөрүлгөн.

Жыйынтыктаганда эпостун биринчи бөлүмү элдин чыгармасы, элдин турмушу, жашоосу, күрөшү, ой-сезими, үмүт-тилеги. Ошондой эле белгилүү даражада Токтогулдун чыгармаларынын оптимисттик духу сезилет. Эпостогу экинчи окуя таптакыр Токтогулга тиешеси жок, анткени анда улуу акынга таандык терең идеялуулук да, көркөмдүк да орун албайт. Анын үстүнө мындагы негизги идей «хандын тукуму кор болбойт, хан болгон хан болуп өтөт» деген үстөмдүк кылуучу таптын көз карашы. Өзүнүн идеялык багыты, мүнөзү, көз карашы жагынан эпостун экинчи бөлүмү элдик чыгарманын таламына жооп бербейт. Ошондуктан бул бөлүм эчен кылымдар бою укуксуздук, жакырчылыкта жашап, теңсиздиктин азап-тозогунда термелген мезгилде да жакшы турмуштан күдөр үзбөй, келечекке үмүттөнүү менен караган элге да жана элдин үмүтү, тилеги менен бирге жашаган Токтогулга да таандык эмес.

Экинчиден, экинчи бөлүмдүн көркөмдүк жагынан төмөнкү абалда турушу да, анын улуу акынга эч тиешесиз экендигин көрсөтөт. Анткени биринчи жолу «Кедейканды» кара сөздөн ырга которгон Токтогул болгондон кийин белгилүү даражада акындын көз карашы, стилистикалык өзгөчөлүктөрү поэмада да сакталмакчы. Бирок анын курч талантына таандык юмор, ачуулуу күлкү менен эзүүчү таптын өкүлдөрүн мыскылдоо, ашкерелөө сыяктуу традиция поэманын экинчи бөлүмүндө өз күчүн жоготот.

Эпостун биринчи жолу басылышында өз алдынча экинчи бир окуя поэманын уландысы катарында «Кедейканга» кирип кеткен. Экинчи жолу басылышында жогорку кемчиликтер эске алынып, экинчи бөлүм такыр кыскартылып ташталган. Биринчиден, эпос элдик чыгарманын мүнөзүнө карама-каршы келген үстөмдүк кылуучу таптардын көз карашынан тазартылат, экинчиден, улам кайталоолор, көркөмдүгү жагынан начар ыр саптары алынып ташталат. Жогорку таптын өкүлдөрү



тарабынан кошулган Азимкандын үй-бүлөсүнө, өзүнө байланыштуу окуялар, Кедейкандын кырк желдетке кайрылуусу сыяктуу окуялар кыскартылат.

Эл башкарган корбашы
Бегиң аман барсыңбы?
Адилдик менен сураган
Ханың аман бар бекен?
Мекеден кийим кийинген
Ажың аман бар бекен?[1]

сыяктуу оң образдын элдиктүүлүгүнө шек келтире турган ыр саптары эпостун экинчи басылышында орун албайт. Редактор аны ар кандай терс кошумчалардан тазалап, чыныгы элдик чыгарманын данегин бөлүп алган. Бир өзөктүк сюжетке баш ийбеген экинчи окуянын кыскартылышы, анын сюжеттик композициялык-түзүлүш структурасын өзгөрткөн эмес, ыр саптарында да өзгөрүүлөр болбогондугу көрүнөт.

Эпосту басмага даярдоодо жогоркудай жетишкендиктер менен катар айрым кемчиликтер да орун алган. Анткени редактор тарабынан айрым учурда поэма түзүлгөн коомдук шарттан, элдин көз карашынан, түшүнүгүнөн четтеп, таптык карама-каршылыкты ачык түшүнгөн демократ-акын Токтогулдун деңгээлинде түзүүгө аракеттенүүлөр болгондой сезилет. Ошондуктан ар бир ыр сабына таптык маани берүүнүн натыйжасында айрым ыр түрмөктөрүнүн ыксыз кыскартылышы поэманын көлөмү жагынан кичирейишине алып келген.

Эпос жөө жомок түрүндө Токтогулдан мурун эле эл арасында айтылып келгендиги белгилүү. Ошондуктан узак убакыттар бою поэма элдин өз түшүнүгүн, көз карашын өз аймагына камтып келген. Ал эми элдик түшүнүктү айрым акындардын көз карашына, деңгээлине ылайыкташтыруу фольклорду түзүүдөгү коллективдин ролун тангандыкка жатар эле. Ошол себептүү ошол кездеги коомдук шартка, элдин түшүнүгүндө туура берилген айрым ыр саптарын поэмада калтыра берүү керек.

Мисалы:

Же өзүмдөн туулган
бала эмес,
Өзүмдөн чыккан баланын
Кылар иши ал эмес.
Таянып барып өлөргө
Көрүмдү казып көмөргө
Төркүн-төзүм бар эмес[2]

сыяктуу ошол коомдогу жесир аялдардын оор абалын баяндаган ыр саптары менен катар:

[1] Кедейкан. 1938-жыл, 87-бет.
[2] Кедейкан. 1938-ж., 27-бет.

Жесир элем карды ток,
Жети чака карзым жок.
Жетилгенден бер жакка,
Жемекей болдуң колу шок[1]—

деп, Гүлсаананын өз түшүнүгүндө, көз карашында берилген ыр түрмөктөрү эпостун экинчи жолу басылышында кыскартылып ташталган. Ошондой эле биринчи басылышында:

Алтыныма кызыгып,
Ага-иним кетер бузулуп.
Абийирим кетер эшеним,
Арбагым качар сызылып.
Күмүшүмө кызыгып,
Күлдөн журт кетер бузулуп.
Айланайын эшеним,
Дөөлөтүм качар сызылып[2]

сыяктуу Азимкандын хандык бийлигине күдүктөнүү менен карашын көрсөтүүчү ыр саптары да эпостун экинчи басылышында орун албайт.

Ошондой эле:

Тегирменчи, терекчи,
Кызыл кулак эсепчи,
Эртең эрте келгиле.
Эмчи, кожо, чечекчи,
Көпөстөрүң, байларың
Эртең барып эр болсоң,
Хан алдында сайрагын[3]

сыяктуу таптык жиктелүүнү айкындай турган ыр саптарынын кыскартылышы эпосту көлөмдүк жагынан жакырлантып жиберген. Натыйжада биринчи басылышында поэма 4034 ыр сабынан турса, экинчи басылышында 1879 гана ыр сабы калган. Биздин пикирибизче, жогоркудай ыр саптарынын ыксыз кыскартылып жиберилиши эпостун кийинки жолу жарыкка чыгышында эске алынышы керек.

---

[1] Кедейкан, 1938-ж., 27-бет.
[2] Ошонун өзүндө. 67-бет.
[3] Ошонун өзүндө. 86-бет.



## «КЕДЕЙКАН» ЭПОСУНУН ИДЕЯСЫ ЖАНА КӨРКӨМДҮК ӨЗГӨЧӨЛҮГҮ

Эпосто негизги окуя оң каармандын айланасына топтолуп, анын кыймыл-аракети аркылуу эл өзүнүн ойлогон оюн, күткөн үмүтүн иш жүзүнө ашырат. Ошондуктан бардык эпостордо окуянын дээрлик элдик каармандын ысмы менен байланышта башталышы традициялык көрүнүш.

Баатырдык поэмаларга мүнөздүү ыкма айтуучунун оң каармандын төрөлүшүн эң бир кооз, эң бир элестүү сүрөттөө менен окуучулардын көңүлүн орчундуу маселеге топтоо аракети болуп эсептелет. Ал эми элдик баатырдын жарык дүйнөгө жаралышына чоң маани берүү, балалык учурун кандайдыр бир бөтөнчөлөнтүп апыртып сүрөттөө, же узак убакыт зарыгуудан кийин төрөлүшү анын мойнуна оор милдеттин жүктөлгөндүгүн, элдин үмүтү, тилеги анын кыймыл-аракети аркылуу ишке аша тургандыгын алдын ала кабарлайт.

Эпостогу оң каармандын керт башына боорукерлик, укмуштуудай эр жүрөктүүлүк, эли-жерин сүйүү, анын көз каранды эместиги үчүн курман болуу ж. б. адамдагы бардык жакшы сапаттар топтолот. Бул идеялар баатырдык поэмаларда баатырдык жана сүйүү темасынын айкалышуусунда ишке ашат. Эгерде баатырдык эпостордо коргонуу темасы үстөмдүк кылып, социалдык, үй-бүлөчүлүк, турмуштук маселелер каармандын укмуштуудай эрдигине, кыймыл-аракетине баш ийдирилсе, турмуштук поэмаларда согуш аракеттери көпчүлүк учурда орун албайт. Негизги окуя элдин турмушун, жашоо шартын мүнөздөөгө арналат.

«Кедейкан» айрым белгилери жагынан турмуштук эпосторго окшоштугуна карабастан, тематикалык жактан башка кенже эпостордон айырмаланып турат. Анткени бул поэмада коомдук-саясий маселе биринчи катарга көтөрүлөт. Ошондуктан бийлик, таптардын ортосундагы карама-каршылык сыяктуу коомдогу талаш-тартыш маселелерге өзгөчө көңүл бөлүнөт. «Кедейканда» сүйүү темасы орун албайт. Негизги идея коомдук-социалдык маселелердин айланасында ишке ашат да,

бардык окуя каармандын тегерегине топтолуп, анын айланасында өнүгөт.

Эпостун башталашында эле кара сөз формасындагы көлөмдүү түшүндүрүүдөн Керездин (Кедейдин) балалык чагы, ататеги, кыргыз элинин коомдук шарты жөнүндө толук түшүнүк алабыз. Кедей илгери кыргыз эли ачарчылыкка учурап, алдуусу тентип оокат таап, алсыздары кайың саап, кыздары шимүүр шимишип, эл жардылыктан итке минип, азып-тозгон учурда түркмөн элине тентип барган Курама аттуу кишиден төрөлөт.

Өзүнүн камтыган окуясы, идеясы, тарыхый шарты, доору жагынан кыргыз элинин баатырдык эпосторунан кескин түрдө айырмаланат.

«Кедейкан» поэмасында тикеден-тике эмгекчи элдин бийликти колго алышы, адилетсиз хан, бек, кожо-молдолордун эл арасынан кубаланышы жөнүндө маселе көтөрүлөт. Окуянын башталышында эле Кедейдин балалык чагынын материалдык муктаждыкта, жакырчылыкта, укуксуздукта аянычтуу сүрөттөлүшү анын бардык кыймыл-аракети элдин таламын, кызыкчылыгын көздөөгө багытталгандыгын алдын ала кабарлайт. Кедей балалык чагында эч кандай укмуштуудай баатырдыктын, эрдиктин белгисин көрсөтпөйт. Сөз кадимки эле карапайым адамдардын өкүлү жетим баланын айланасында болот. Жашынан жетим калып, аталык мээримден, энелик эркелөөдөн ажыраган каармандын балалык мезгили өтө оор кырдаалда өтөт.

Ал:

Күйүк көмөч, күлчө нан
Кудайы кайыр сурадым.
Үч жашымдан түрткү жеп
Мусапыр болуп куурадым[1],

же:

Арсыз жетим кедеймин
Ата тургай энем жок.
Ачка куурап жүргөндө,
Алымды сурар жеңем жок[2]

сыяктуу ыр саптарынан көрүнөт. Ичсе тамакка тойбой, кийсе кийимге жетпей, шылдыңдуу күлкү, катуу таяк жанына баткан жетимдин оор абалы эч бир эпосто «Кедейкандагыдай» реалдуу сүрөттөлгөн эмес.

Жогоркудай аянычтуу өмүр жолун басып өткөн оң каармандын ар бир кыймыл-аракетин элдин түшүнүгү, көз карашы, симпатиясы менен бирге жашаган айтуучу өтө берилгендик, учкул кыял, терең акыл менен баяндайт. Натыйжада эл көз карашында кубатталган бардык жакшы сапаттар Кедейдин керт башынан орун алат. Алы кетип алсырап, сөлү кетип сөлбүрөп, айласы кетип турган учурда да келечектен күдөр үзбөй, өмүргө үмүт, жакшы тилек менен мамиле кылат. Колунда мал-мүлктүн жоктугуна карабастан, жашоодон күдөр үзүү, ындыны өчүү анын психологиясына жат. Ал анын мундуу үнгө шаңдуу тилек айкалышкан:

Айланайын энеке.
Мен болоюн көлөкө
Мен мусапыр жетимди
Жалдыратпа бөлөккө.
Түңүлбөсөң, энеке,
Түбүндө жарайм керекке[1]

сыяктуу Гүлсаана кемпирге кайрылышынан көрүнөт. Жаш кезинен ата-энеден ажырап, турмуштун суугуна тоңуп, ысыгына күйүп бой тарткан Кедейдин жакшы сапаттарынын бири анын эмгекчилдиги, укмуштуудай жөндөмдүүлүгү болуп саналат. Гүлсаананын суусун алып, отун жагып, жалаң адал эмгеги менен көңүлүнө уюп, сынына толот. Бул аркылуу эпосто карапайым адамдардын чыдамдуулугун, эмгекчилдигин белгилеген идея көтөрүлөт. Ал өзүнүн алдына койгон максатына өз аракети, курч кайраты менен жетет. Кедейдин образы элдин оюу, келечекки үмүтү, тилеги менен ажырагыс бирдикте түзүлөт. Ошондуктан, анын ар бир кыймылынан, кээде мундуу үнгө кошулуп муңканган монологунан, курч диалогунан элдин умтулушун, күрөшүн даана көрөбүз. Кедей:

Жетилсем сени багамын.
Эрксиз жетим дебесең
Ажалдан кудай сактаса,
Ачылар, эне заманым[2]

деген өз оюу, кыялы менен элдин ишеничин, көз-карашын, түшүнүгүн толук чагылыштырат. Каармандын балалык чагынын реалдуу сүрөттөлүшү ошол мезгилдеги коомдук шартты, анын карама-каршылыгын, турмушун толук көз алдыга тартат. Эч бир оозеки чыгармада жетимдин турмушу «Кедейкан» эпосундагыдай реалдуу берилген эмес. Ал эпостогу «Күйүк көмөч, күлчө нан кудайы кайыр сурадым» деген турмуштун элестүү реалдуу картинасын түзгөн таамай айтылган ыр саптарынан ачык көрүнөт. Бирок турмуштун оорчулугу Кедейдин кайратын мокотуп, көңүлүн чөгөрбөйт. Кайта кайратына кайрат.

[1] Кедейкан. Фрунзе-Казань, 1938-ж., 17-бет.
[2] Ошонун өзүндө 17-б.

[1] Кедейкан, 12-б.
[2]. Ошонун өзүндө, 23-б.

күчүнө күч кошот. Ошентип, келечекке үмүттөнүү менен караган карапайым адамдын майтарылбас кайратынын, күчтүү эркинин даңазаланышы элдик каарманга үмүтсүздүк, ындыны өчүү жат экендигин дагы бир жолу айкындайт. Чыныгы элдик чыгармага таандык оптимисттик дух Кедейкандын образында өнүктүрүлөт.

Коомдун таламына байланыштуу оң каармандын күрөшүнүн багыты, анын мүнөзү да өзгөрөт. Эгерде «Курманбек», «Эр Табылды» сыяктуу эпостордогу кичине кезинен эле тың чыгып, өз тегерегине күжүрмөн уландарды топтогон элдик баатырлар өлкөнүн көз каранды эместигин коргоп, өз элинин эркиндиги, теңдиги үчүн ачык күрөш жүргүзсө, «Кедейкан» поэмасында күрөштүн багыты конкреттештирилип, карапайым адамдын кызыкчылыгын, мүдөөсүн колдоодо өтөт. Жогорку эпостордо Курманбек, Эр Табылды сыяктуу элдик каармандардын күрөшү чет элдик басып алуучуларга жана өз уруусунун эркиндигинен өз тынчтыгын, өз кызыкчылыгын жогору койгон Тейитбек, Кудайназар сыяктуу ички душмандарга каршы багытталса, «Кедейкан» поэмасында ички карама-каршылык, таптардын ортосундагы кагылышуулар негизги орунду ээлейт. Ар кандай адилетсиздиктин булагын каардуу хандардын, бай-манаптардын керт башынан издөө фольклордо өнүккөн идея. Ошондуктан Кедейдин бай-бектердин тынчын алышы, малын уурдашы эпосто карапайым адамдар тарабынан кубатталат. Айтор, түркмөн элинде андан ыза көрбөгөн байды учуратуу кыйынчылыкка турат. Оң каармандын эзүүчү таптардын өкүлдөрүнүн мал-мүлкүн талашы, өч алышы поэмада элдин наразылыгын белгилеген көрүнүш катарында орун алат. «Кедейкан» эпосунда көтөрүлгөн идея аркылуу Токтогулдун коомдук-философиялык көз караштарын белгилешкен А. А. Алтымышбаев, Б. Аманалиев, К. Молдобаев Кедейдин жогорку аракеттерин оң көрүнүш катарында баалашат[1]. К. Молдобаев анын бай-бектердин мал-мүлкүн талап уурулук кылышы анын керт башынын кызыкчылыгынан, өзүмчүлүгүнөн келип чыкпастан, тап душмандарынан өч алуу зарылчылыгынан чыккандагын белгилейт.[2]

[1] А. Алтымышбаев. «Из истории развития общественно-политической и философской мысли киргизского народа в конце XIX и в начале XX веков». Известия Академии наук Киргизской ССР. Выпуск IV, Фрунзе, 1957 год, стр. 33—36.
Б. Аманалиев. «Философские и эстетические взгляды Токтогула», жур. «Киргизстан», № 3, 1954 г.
К. Молдобаев. «Положительный герой в творчестве киргизских акынов-демократов». «Литературный Киргизстан», январь-февраль, № 1, 1957, из-во «Советтик Кыргызстан», г. Фрунзе,
[2] Жогоркудан караңыз. 72-бет.



Ал эми адатта ууру кылуу, ушак айтуу терс көрүнүш. Бул фольклордо өнүккөн жана кеңири пропагандаланган идея. Ууру кылуу, ушак айтуу терс көрүнүш катарында ашкереленет, тескерисинче адал эмгек менен оокат кылуу, мал багуу, эгин айдоо ж. б. идеялар пропагандаланат. «Ууру байыбайт, сук тойбойт», «Ашыккан ууру ачка өлөт», «Казанга жакын жүрсө көөсү жугат, ууруга жакын жүрсө чуусу жугат»[1] сыяктуу макалдарда ууру кылуу, бирөөнүн эмгегинен пайдалануу акыйкатсыздык экендиги ашкереленген. Ал эми «Кылганың киши үчүн болсо, үйрөнгөнүң өзүң үчүн», «Эмгексизге ыракат жок»[2] сыяктуу макалдар карапайым адамдарды адал эмгеги менен оокат кылууга чакырган идеяга жык толгон. Жыйынтыктаганда кыргыз элинин фольклордук традициясында уурулук менен жан багуу тескери бааланат. «Кедейкан» эпосунда Кедейдин айыл арасына чуу салгандыгына карабастан, элдин симпатиясы анын тегерегине топтолуп, анын бардык кыймыл-аракетинин кубатталышын кандайча түшүндүрүүгө болот? Жалпы эле оозеки чыгармачылык карапайым адамдарды ар кандай тескери жолдон алыстатуу, аларда ак ниеттүүлүк, адилеттүүлүк ж. б. жакшы сапаттарды тарбиялоону максат кылып коёт. Фольклордогу жогорку нукура идея коомдун мүнөзүнө байланыштуу «Кедейкан» эпосунда башкача талкууланган. Анткени таптык коомдун пайда болушу менен материалдык байлыкты өндүрүү жолу да өзгөрөт. Натыйжада карапайым адамдардын эмгегин өздөштүрүп алуудан байыган жогорку таптын өкүлдөрүнүн мал-мүлкүн уурдоо элдин түшүнүгүндө, көз карашында өч алуунун бир тармагы катарында белгиленет. Анткени бай, бектердин мал-мүлкү алардын маңдай тери, таман акысы эмес, Кедей өңдүү жетим-жесирлердин эмгегинен, көз жашынан куралат. Ошондуктан алардын мал-мүлкүн уурдоо күнөө да, кылмыш да эмес. Ал эми оң каармандын бардык кыймыл-аракети карапайым адамдардын кызыкчылыгын, укугун коргоого карата багытталгандыгы поэмадагы:

Мен өңдөнгөн эченди
Караңгы орго салдырган.
Жетелетип далайдын
Желдетке башын алдырган[2],

же:

Кедейлердин тыцын Залимкан
Кара дарга астырган.
Сөз кайырган адамды
Дубалга тирүү бастырган[3].

[1] Б. Керимжанова. Кыргыз элинин макал-лакаптары. Кыргызмамбас, 1956-ж., 72—73-беттер.
[2] Кедейкан, 1938, 32-бет.
[3] Жогоркудай караңыз, 32-бет.

сыяктуу ыр саптарынан көрүнөт. Анын бардык жүргүзгөн иштери элдин кызыкчылыгы менен айкалышып, акыйкатка таянып иштелгендиктен,[1] анын уурулугу, алдамчылыгы ошол образ түзүлгөн коом чөйрөсүндө айып болуп эсептелбейт.[2] Оң каармандын кимге каршы күрөшкөндүгү, кимдин душманы экендиги поэмада өтө эле ачык берилет.

Кедейдин уурулук кылышы, анын образынын элдиктүүлүгүнө шек туудурбайт жана баасын да кемите албайт. Анткени каарман өз учурунун, доорунун мүнөзүн, түшүнүгүн, көз карашын толук камтыйт. Анткени эл тап душмандарынан өч алууну, эзүүнүн туткунунан бошонууну каалашса да анын жолдорун билишкен эмес. Ошондуктан байлардын мал-мүлкүн уурдоо, короо-жайларын өрттөө, өздөрүн өлтүрүү сыяктуу күрөштүн стихиялык жолдорун өз кыялдарында белгилешкен. Мындай идеянын эпосто Кедейдин кыймыл-аракети аркылуу ишке ашышы элдик аң-сезимдин бир көрүнүшү экендигин көрсөтөт. «Кедейкандагы» элдик кыял, ой жүгүртүү, жогорку таптардын өкүлдөрүнөн өч алууга умтулуу башка элдердин эпосторунан да орун алат. Мисалы: «Кероглы» эпосунда Кероглы байлардын малын уурдап, айыл арасына ызы-чуу салган ууру, каракчы катарында сүрөттөлөт. Бирок ага карабастан, эл анын ар бир кыймыл-аракетинен өз кызыкчылыгын, мүдөөсүн, ой-тилегин, күрөшүн, умтулушун көрөт. Өзүнүн бардык жакшы сезимин Кероглынын тегерегине топтоп, анын образын жогору баалагандыгы сезилип турат. В. М. Жирмунскийдин азербайжан элинин «Кероглы» эпосу жөнүндө: «Кероглы—не насильник, и не грабитель, а своего рода народный мститель, отважный боец против богатых и знатных, и в то же время защитных обездоленных народных масс»[3] — деген пикири Кедейкандын образын туура баалоодо маанилүү. Анткени, анын поступкасындагы бул же тигил кыймыл образдын элдиктүүлүгүнө да шектенүүлөр туудурган. Анын өз учурунда, шартында туура түзүлгөндүгү айрым адамдар тарабынан эске алынган эмес. Анткени «Кедейдин» образынан элдин бийлик, турмуш жөнүндө ой жүгүртүүлөрүнүн, учкул кыялынын, көз караштарынын жетишкендигин да, чектелген түшүнүгүн да көрөбүз. Оң каармандын кыймыл-аракетинин эл тарабынан колдоого ээ болушу карапайым адам тарабынан туткундан бошотулушунан көрүнөт. Өлүм алдында турган Кедейге кедей төрт жолдошу жана зындандын кароолчусу жардам көрсөтөт.

[1] С. Мусаев, Ж. Таштемиров. Кыргыз адабияты. Орто мектептин 8-классы үчүн окуу китеби, 1956-ж., 81-бет.
[2] Жогоркудан караңыз. 81-бет.
[3] В. М. Жирмунский. «Некоторые итоги изучения георического эпоса народов Средней Азии». Изд-во Академии наук СССР, М., 1958, 43-б.



Бул аркылуу эпосто жарды-жалчылардын бири-бирине жардамдашуусу, ынтымакташуусу, көмөк көрсөтүүсү жөнүндө идея көтөрүлөт. Бирок алардын достугу мал-мүлк, байлыкка таянбастан, анын негизинде бир боордоштук, бир тилектештик жатат. Кедей-кембагалдардын Кедейдин тегерегине топтолушу элдин жалпы максатына, жалпы кызыкчылыгына карама-каршы келбейт. Ал поэмадагы:

Бул бечара Кедейдин
Жүрөгүндөй жүрөк жок.
Телегейди тең санап,
Тилегиндей тилек жок.
. . . . . . . . . . .
Калбаса хандын каарына
Пайдасы тийчү жан эле
Бакырлардын баарына—

деген ыр саптарынан көрүнөт.

Кедейдин вазирди өлтүрүшүндө да элдин көз каршынын, түшүнүгүнүн бул же тигил деңгээлде орун алгандыгын көрөбүз. Анткени айрым хандарды, бектерди өлтүрүү менен адилетсиздикти, зордук, зомбулукту жоюуга болот деген көз караш эчактан бери эле оозеки чыгармачылыкта жашап келген. Бирок көпчүлүк учурда күрөштүн багыты жаштоого тоскоолдук кыла турган ар кандай кара ниет күчтөргө жалпы багытталып, бул же тигил деңгээлде элдин стихиялык наразылыгын өз ичине камтыган. Ошондой эле Кедейдин бийликтин өкүлүн өлтүрүшү фольклордо жаңылык эмес. Анткени бул турмуштук зарылчылык. Кедей эскиргендиктен киши өлтүрүүгө барган жери жок. Вазир далай карыптын мойнуна чынжыр салып, далайынын башын алдырып жазасыз күнөөлөгөндүгү, карапайым элге көрсөткөн ыза-кордугу үчүн жазаланат. Каарман өзүнүн иштеринин элдин кызыкчылыгы менен кайчы келбестигине толук ишенет. Ошондуктан жогоркудай кылмышка барат. Анын ар бир кыймыл-аракети элдин кызыкчылыгынан келип чыккандыгы «вазир менен хан өлсө сүйүнө турган эл толуп жатат»[2]—деген сөзүнөн көрүнөт. Кедейдин ар бир поступкасынан элдин түшүнүгү, ой-пикири, көз карашы ачык көрүнөт. Бул жөнүндө Б. Аманалиев Кедейдин жогорку сыяктуу поступкалары адамдардын укугун, эркиндигин коргогон табигый закондуулуктан келип чыккан. Ошондуктан анын эмгекчи элди эзген эзүүчүнү өлтүргөнү эч кандай күнөө болуп эсептелбейт, тескерисинче анын вазирди өлтүрүшү адилеттүүлүккө жатат,[2] — деп белгилейт. Оң каармандын эл тарабынан

[1] Кедейкан, 1938-ж. 28-б.
[2] Кедейкан. 1938-ж. 28-б.

колдоого ээ болушу «Менде катын-бала, жакын тууган, жакшы санаалаш киши жок. Минтип уйкудан калып, убара болуп, ысыкка күйүп, суукка тоңуп, эки колумду боорума алып, өмүрүмдү өткөрүп, душманымды багып жүргөнчө Кедейди ордон чыгарып, ушулар менен кетейин[1] — деп, зындан кайтарган кароолчунун жардам көрсөтүп, алар менен кошо качып чыгышынан көрүнөт. Жыйынтыктаганда Кедейдин ууру кылышы, ээзүүчү таптардын өкүлдөрүн өлтүрүшү образ түзүлгөн доордогу элдик көз караштын деңгээли менен түшүндүрүлөт. Ошондуктан оң каармандын жогоркудай аракеттерин тескери көрүнүш катарында баалоо туура эмес.

Поэманын башталышынан тартып окуя эки таптын курч карама-каршылыгында өнүгөт. Кедейлер өз каармандын жактайт, анын муңун-муңдап, зарын зардап, ага боордош, бир тилектеш болушат. Ошондуктан Кедейдин бардык кыймыл-аракети жогорку таптын өкүлдөрүнүн кызыкчылыгына карама-каршы келет. Эпосто бай,бек, сопу, молдо, кожолордон тартып, ханга чейин бириктешип кандай да болсо, Кедейди жок кылууга аракеттенишкени эки таптын кызыкчылыгынын бири-бири менен келише албастыгын көрсөтөт. Айрым дин өкүлдөрү сыртынан мээримдүү, жетим-жесирлерге кайрымдуу киши көрүнгөнү менен хандардын, бай-бектердин таламын көздөйт. Сөз менен жарды-жалчылардын көңүлүн жубатып, иш жүзүндө аларды баш көтөртпөй караңгылыкта кармоого аракеттенишет. Ал эми каармандын жарды, жалчы, кедей-кембагалдардын кызыкчылыгын көздөшү бай-бектердин көңүлүнө жага бербейт. Андан аркы окуя Кедейдин ордон бошонуп чыгып, төрт жолдошун, энесин таштап белгисиз жолго сапар тартышы жөнүндө болот. Эпостогу:

Калкыма салдым көп чууну,
Ханы менен бек кууду.
Тың чыксам залим көралбай,
Чыйрак чыкты деп кууду[2]

сыяктуу ыр саптарынан замандын мүнөзү, карама-каршылыгы көз алдыга тартылат.

Кедейдин эшенге барып кол беришинде элдин динге жана анын өкүлдөрүнө карата болгон мамилеси, көз карашы ачык көрүнө баштайт. Эл башынан эле «Акырын баскан молдодон сактан, ала чапан кожодон сактан», «Молдо билгенин окуйт, карга көргөнүн чокуйт», «Өлөңдүү жерде өгүз семирет, өлүмдүү жерде молдо семирет» сыяктуу макалдарда таамай афоризмдер менен эшен, молдолордун алдамчылыгын, адамкерчиликсиз кылык-жоруктарынын бетин ачып ашкерелеп келишкен. «Кедейкан» эпосунда элдин дин жана анын өкүлдөрү жөнүндө түшүнүгүнүн, көз карашынын концентрациясы берилет. Ал элдик каармандын кожо, молдолордун бетин ачып алардын алдамчылыгын ашкерелешинен, касиеттүүлүгүн жокко чыгарышынан көрүнөт. Эпостогу Кедейдин буркурап ыйлап «арамдык кылбаймын, шарыяттан жылбаймын деп жалган убада берип, касиеттүү» эшендин ишенимине ээ болушу дин өкүлдөрүнүн аңкоолугун, алдамчылыгын ашкерлеген эпизоддордон. Ал эми:

Жаныңызда бир жүрүп,
Берсеңиз теспе тартайын.
Ким адал, ким арам,
Таксыр, калпаларың байкайын [1]

же:

«Таң атканча «үү» деген,
Дааратына суу деген»[2]

сыяктуу ыр саптарында элдик шылдың да, күлкү да, көз караш да, түшүнүк да бар.

Алланын сүйгөн жакыны
Азиздигиң билейин[3]

сыяктуу эшендин «касиеттүүлүгүнө», «боорукерлигине» шектенүү Кедей тарабынан айтылгандыгына карабастан, элдин жалпы оюу. Дин өкүлдөрүнүн «касиеттүүлүгү» элдин башын айландыруу экендиги эпостогу эки көрүнүштү салыштырып кароодо ачык көрүнөт. Мисалы, Ак эшен:

Колу буту шал болот
Кожону көзгө илбеген[4]

— деп, карапайым адамдарды ишендирет. Кедейдин алдоо менен бийликти колго алып, аны кайра бербей коюшунда, Азимкан менен Ак эшенди эл арасынан кубалоодо анын дубасы өз «касиетин» жоготот. Анын каргашынан Кедей эч кандай зыян тартпайт, тескерисинче, башына бакыт конуп, адилеттүү хан болуп кала берет. Ак эшендей атагы чыккан күчтүү дин өкүлүнүн карапайым адамдын алдында жеңилишке учурашы дин өкүлүнүн күчсүздүгүн белгилеген эпизоддордон. Кедей-

[1] Б. Аманалиев. «Философские и эстетические взгляды Токтогула», жур. «Лит. Кыргызстан», № 3, 1954-ж., 31-бет.
[2] Кедейкан. 1938, 32-бет.



[1] Кедейкан. 1938, 39-б.
[2] Ошонун өзүндө. 38-б.
[3] Жогоркудан караңыз. 39-б.
[4] Жогоркудан караңыз. 40-бет.

дин алдына койгон максатынан кайра тартпаган кайраттуулугу анын такка минүүсүндө, тажы кийүүсүндө да ачык байкалат. Бир аз күндүн ичинде эшендин кулк-мүнөзүн жакшылап байкаган Кедей көңүлүнө уюп, сынына толот.

Андан аркы сөз оң каармандын хандыкты үч күнгө алып бере туруусун суранышы, анын түрүнөн чочуп калган эшендин күйгүлтүккө түшүшү жөнүндө болот. Ушул эпизоддо элдик каарман укмуштуудай акылдуулукту, чечкиндүүлүктү, аярлыкты көрсөтөт. Бирде:

Оюм менен билемин,
О дүйнөлүк сообуң бар.
Садагасы кетейин,
Оодарылбас жолуң бар[1] —

деп, эшенди көтөрө мактап дардалактата ички сырын, ички маңызын тартат. Аны ханы кадыр кыларын, экөө бири-бирине эриш-аркак экендигин түшүнгөндөн кийин калпты, чынды аралаштырып, бирде муңканып, бирде ыйлап бийликти үч күнгө сурап берүүсүн өтүнөт. Көз көрүнө башында селдеси, оозунда келмеси, сыртында канаты, боюнда кусул даараты, колунда теспеси, койнунда китеби бар жалаңкычты жалган жеринен ойлоп чыгарат. Эшен бир чети анын түрүнөн чочуп, экинчиден, ашыра мактанып койгонуна бушайман болуп, уурулугун, тентип келгендигин айтып, мизин кайтарайын деген ойго келет. Кедей болсо:

Кедейге жана мактандың,
Кезексиз эшен сактандың,
Эшендигиң чын болсо,
Бир уятка капталдың[2]

— деп, жалоорудан тикеден-тике анын алдамчылыгын, мактанчактыгын, көйрөңдүгүн ашкерелөөгө өтөт.

Ошентип, «Кедейкан» эпосунда диндин өкүлдөрүн мыскылдоо, келекелөө атеизмге чейин көтөрүлөт. Биздин оюбузча, поэмада «касиеттүү» Ак эшенден тартып кожо, молдолорго чейин таамай ашкерелөө ошол шарттагы элдин түшүнүгүнөн, көз карашынан алыстап кеткендей. Анткени эпостогу:

Эшени баштап калп айтса,
Элин кудай урбайбы.
Эл агарткан Ак эшен,
Өзүн-өзү булгайбы[3],

1 Кедейкан. 1938-ж., 44-бет.
2 Кедейкан. 1938-жыл. 55-бет.
3 Жогоркудан караңыз, 56-бет.



же:

Калкында калпы бар десем,
Калпасы калп турбайбы.
Калпасы баштап калп айтса,
Калкын кудай урбайбы[1]

сыяктуу ыр түрмөктөрү диндин эл үчүн зыяндуулугун ача түшүнгөн жана өз ырларында жеңил күлкү, шылдың-мыскыл менен өтө таамай сүрөттөп, дин өкүлдөрүнүн бетин ачкан чыныгы атеист-акын Токтогулдун ырларына өтө жакындашып кетет.

Кедейге мактанарын мактанып коюп, айласы кеткен эшен аны ээрчитип, Азимканды көздөй жөнөп калат. Бирок анын сырткы көрүнүшү эле ордо кайтарган жигиттерден баштап, Азимканга чейин чоң коркунуч туудурат. Аны көрөрү менен хандын үрөйү учуп, кайгылуу үн, катуу коркунуч менен какшай баштайт. Элдик каармандардын сырткы көрүнүшү менен эле душмандын жүрөгүнүн үшүн алып бөтөнчөлөнүп турушу анын акылмандуулугу, кайраттуу, айлакердиги жөнүндө алдын ала кабар берет. Эгерде Азимкан:

Санаасы эки бөлүнгөн,
Кабары жок өлүмдөн.
Оттой күйүп жүрөгү,
Орою суук көрүнгөн,
Биздин элдин уулу эмес[2] —

деп, анын оттой жанып ойноктогон көзүнөн жамандыктын белгисин көрсө, эл Кедейден өздөрүнүн үмүтүн, мүдөөсүн, тилегин ишке ашыра турган элдик каармандын турпатын көрөт. Бирок Ак эшен анын жөндөмдүүлүгүн өтө эле төмөн баалайт. Үч күндүн ичинде он эки шаар элди өзүнө тартып ала коюшуна ишене бербейт. Ал:

Качып жүргөн бир кедей,
Кантип бузат элинди.
Карыганча эшениң,
Ошону билбейт дедиңби[3] —

деген сөзүнөн көрүнөт. Поэмада жогорку сыяктуу эпизоддор жогорку таптын өкүлдөрүнүн карапайым адамдардын жөндөмдүүлүгүн өтө төмөн баалашын, аларды орчундуу ишке жарамсыз деп кемсинтишин көрсөтөт.

Эпосто Кедейдин таажы кийиши, такка миниши өтө бир элестүү сүрөттөлгөн эпизоддордон. Таажынын Кедейге өтүшү менен Азимкандын бакыт-таалайы башынан таят. Бийлик карапайым адамдардын колуна өтөт. Бул аркылуу «хандык

1 Кедейкан, 1938-жыл, 55-бет.
2 Кедейкан. 1938, 61-бет.
3 Ошонун өзүндө, 68-бет.

бийлик түбөлүк эмес» деген идея ишке ашат. Такты менен таажыдан ажыраган Азимкан убайым менен үйүнө кайтат. Бирок анын алдынан күндөгүдөй салам айткан жан, ызаат кылган калк жок. Бул эпизоддон элдин ханга жасаган мамилеси ачык байкалат. Эл аны жек көрөт. Ошондуктан колундагы бийликтин күчүнүн жоголушу менен аны барктоо, сыйлоо поэмадан орун албайт. Кедейдин эл менен болгон байланышы эпосто өтө реалдуу сүрөттөлөт. Биринчи күндөн баштап эле карапайым элдин кеңешин, акылын угат.

«Кедейкан» эпосунда оң каармандын симпатиясы карапайым адамдар тарабында экендиги окуянын башынан аягына чейин белгиленип отурат. Хандыкка отурган Кедей биринчи иретте бада баккаң, мал тапкан дыйкандарды, кош айдаган эгинчини, куюшкан, жүгөн өрүмчүнү, карала болгон көмүрчүнү, карсылдаткан темирчини, күмүш чапкан зергерчини, бозо саткан кергерчини, кийик аткан мергенчини кеңешке чакырат. Ошондуктан адилеттүү сурак жүргүзүп, өздөрүнүн кызыкчылыгын коргогон элдик бийлик эл тарабынан колдоого ээ болот. Эпосто Кедейдин бийлигинин жашашына жол берилет. Эки вариантта тең ал элдин добушу, каалоосу менен хандыкка шайланат. Аны поэмадагы:

Азимкан такты талашса,
Кедейкан сизге өтөбүз
Сизди шайлап кетебиз[1] —

сыяктуу ыр саптарынан көрөбүз. Эл өз кыялында ханды дайындоонун жаңы жолдорун самашкан. Ошондуктан хандын элдин кол көтөрүлүшү, добуш бериши менен шайланышы эпостон орун алган. Элдик каармандын күрөшүн элдин тилеги, мүдөөсү, келечеги менен айкалыштыруу образдын элдиктүүлүгүн тереңдетет. Кедей көпчүлүктүн оюн жогору баалайт. Ошондуктан эпосто жеңилбес күчкө айланат. Поэмадагы:

Кедей элем алым жок,
Кереде жаткан малым жок.
Эли-журтум эсенби?
Силер барда көөнүм ток,

же:

Карып элем малым жок,
Капталда жаткан малым жок,
Калың эл сенин барында
Хандыгымдан көөнүм ток[2]

---

[1] Кедейкан. 1938, 94-бет.
[2] Кедейкан. 1938-ж., 88-бет.



сыяктуу ыр саптары элдик каарман менен көпчүлүктүн ортосундагы бирдикти көрсөтөт. Анын адилеттүү бийлик жүргүзүшү, кедей-кембагалдардын кызыкчылыгын көздөшү:

Оймул тазга он тенге,
Берерман тазга беш тенге
Кыйык тазга кырк тенге[1]

бөлдүрүп беришинен көрүнөт. Эпосто агар алтын, ак күмүш ай башына элден салык алган ач көз Азимканга ары берешен, ары боорукер Кедейдин образы карама-каршы коюлат. Анын бийликте калышы эл тарабынан кубатталат.

Кедейдин бийликти кайрадан Азимканга берүүдөн баш тартышы, элдик каармандын тактыда кала бериши, карасанатай, кара ниеттердин жоголушу менен окуянын бүтүшү эчен кылымдар бою элдин ою, үмүт-тилеги менен бирге жашаган идеянын «Кедейкан» эпосунда үстөмдүк кылгандыгын көрсөтөт.

Поэма кедей-кембагалдардын бири-бирине жардамдашуусу менен башталып, алардын чын достугун даңазалоо менен аяктайт. Кедей бийликке жетери менен кыйынчылык учурда көмөк көрсөткөн төрт жолдошун, өгөй болсо да өз энесиндей алпечтеген Гүлсаананы өз хандыгына алдырат. Жогоркудай эпизоддор элдик каармандын адамгерчилигин, жакшы сапатын арттырат. Ал анын төрт жолдошуна жана энесине кылган мамилесинде ачык көрүнөт. Поэманын башынан аягына чейин он каарман элдин мүдөөсүн, кызыкчылыгын көздөгөн кайраттуу күрөшүүчү катарында баяндалат. Ал эми эпостун «Көңүлү жайланып, Хиваны жердей берет, элге тынч, бей-бечарага кайрымдуу, калыс жана камкор жетекчи болот» деген айтуучунун баяндамасы менен аякташы Кедейдин кыймыл-аракети аркылуу элдин ой-тилегинин, көз карашынын, кыялынын ишке ашкандыгын көрсөтөт. Кедейдин эшенди жана Азимканды алдоо менен такка отурушу карапайым адамдардын акылдуулугун жана айлакердүүлүгүн, жөндөмдүүлүгүн көрсөткөн эпизоддордон.

Поэмада көңүл бура турган образдардын бири Гүлсаананыкы. Ал эпосто жетимдерге кайрымдуу, мээримдүү, ак көңүл, меймандос эне катарында көрүнөт. Анын речиндеги колдонулган:

Көрпөдөн ичик кылайын,
Көбөсүн макмал кынайын,
Көйкөлтүп сага кийгизип,
Көкүлүңдөн сылайын,

---

[1] Жогоркудан караңыз. 91-бет.

же:

Жанаттан ичик кылайын,
Жакасын кундуз кынайын,
Жалгыз балам эле деп,
Жатсаң-турсаң сылайын[1]

сыяктуу элдик ырлар анын образынын элдиктүүлүгүн арттырат. Гүлсаананын ар бир кыймылы, жетим-жесирлерге жасаган мамилеси боорукерликке жык толгон. Атасы жокту асырайт, курсагы ачты тоюндурат. Мурунку баккан балдарынан көңүлү калса да, жетимдин көз жашына чыдабай, Кедейди бала кылып алат. Ушул эпизоддо ал ары ак көңүл, ары боорукер мээримдүү эне катарында көрүнөт.

Андан башка поэмада Кедейдин төрт жолдошу орун алат. Алардын бири-бирине жасаган мамилесинде эпостогу козголгон достук темасы ишке ашат. «Кедейканда» достук таптык кызыкчылыгынын бирдигинен келип чыгат. Дин менен бийликтин өкүлү бири-бирин колдошот. Бирок байлыкка жана бийликке таянган жогорку таптын өкүлдөрүнүн ортосундагы достуктун жиби Азимкандын бийликтен ажырашы, эшендин «касиеттүүлүк» күчүн жоготушу менен кошо үзүлөт. Кедейлердин ортосундагы бир боордоштук, бир тилектештик мамиле эч кандай майда максаттан келип чыкпайт.

Адамдардын керт башындагы жакшы сапатты баалап, Кедейдин төрт жолдошу анын кайратына, айлакер акылмандуулугуна башын ийип, кыйын күндөрдө көмөк көрсөтөт. Кубанса, кошо кубанып, муңайса бирге муңайып, анын кубанычын, кайгысын кошо бөлө тартышат. Бешөө жатса да, турса да бирге болуп, Кедейдин бардык кыймыл-аракетине жардамдаш болушат. Алардын поступкасы элдин кызыкчылыгы менен терең айкалышат. Аны «жок, андай кайрат жарабайт, көпкө топурак чачабызбы, андан көрө сен бир жакка качкын»[2] — деп, элдин тынчын албоо максатында Кедейди качырып жиберишинен көрөбүз. Эпостогу төрт кедей карапайым адамдардын өкүлү катарында поэмадан орун алат. Ошондуктан өз каарманынын тегерегине тыгыз топтолот.

Тап коёт эле өлбөсө,
Залимкандын тагына[3].

— деп, анын жөндөмдүүлүгүн жогору баалашат.

Кедейкандын каршысында терс каармандардын контрасттык кылык-жоруктары коюлат. Бул элдик каармандын образын тереңдетүүгө мүмкүндүк түзөт.

[1] Кедейкан. 15-бет.
[2] Кедейкан. 19-бет.
[3] Жогоркудан караңыз. 28-бет.



Эшен менен Кедейдин ортосундагы карама-каршылык айрым адамдардын эмес, эки көз караштын, эки түшүнүктүн, эки күчтүн кагылышуусу, беттешүүсү.

Ошондуктан оң каармандын ар бир поступкасы элдин ойтилеги менен тикеден-тике байланышат. Ал дин өкүлдөрүнүн ар бир кыймылына ишенбөөчүлүк менен мамиле кылат. Эшендин канчалык куу, канчалык мытайымдыгына карабастан, иштеген иши элдин кызыкчылыгына, мүдөөсүнө кайчы келгендиги үчүн кыйроого учурайт. Ошентип, эпосто ар кандай карасанатай, кара ниеттүүлүктүн, алдамчылыктын үстүнөн боорукерлик, акылдуулук, улуу адилеттүүлүк жеңип чыгат. Поэмада:

Калпалары кагырап,
Дубаналар дабырап.
Ак урушуп күрсүлдөп,
Мечиттин ичи дүбүрөп[1]

делип, дин өкүлдөрүнүн жүрүш-туруштары жеңил күлкү, ачуу мыскыл менен ашкереленет.

Эпосто талаш туудура турган образ Саалы сопунуку. Окуянын башталышында кедей-кембагалдарга боорукер, мээримдүү, ырайымдуу адам катарында сүрөттөлөт. Өзү жөнүндө сопу мындай дейт: «Өнөрүм сопу, атым Саалы, Саалыда сары чака жок, сопундун соолуп турган маалы». Демек анда эч кандай байлык, бийлик жок. Ошондой болсо да, кайыр сурап келген жетимдерди бир түнөтүп, колунда бар тамагын берип акылын айтып жолго салат. Жетимдердин оор абалына боору ачып, терең кайгырат. Ошондуктан, колунан келген жардамын берип, алардын ал-абалын бир аз жеңилдетүүгө аракеттенет. Аны эпостогу:

Ар ким келсе үйүмө
Бир түнөтүп койчумун.
Алсыз жетим Кедейге

Сообу тиер бекен деп
Акыл берген болчумун[2]

деген ыр саптарынан көрөбүз. Мына ушундай боорукер, ырайымдуу сопу кийин Кедейдин кармалышына себепчи болот. Анткени анын жалпы эле өнөрү сопулук, ар кимге жакшылык тилейт, ал жашаган чөйрөдө адилетсиздиктин, ууру кылуу, ушак айтуу сыяктуу терс көрүнүштөрдүн жок болушун каалайт. Ал анын:

[1] Кедейкан. 1938-ж., 21-бет.
[2] Ошондо, 21-б.

Отун алып от жагып,
Оокат жагын тырмала.
Арамдыкка бузулуп,
Андан кетип кууpаба[1]—

деп, Кедейди терс жолдон алыс жүрүүгө үгүттөшүнөн көрүнөт. Бирок Саалы жетимдин уурулук кылышына кандай себептер болду, кимдин малын уурдады, кимдин кызыкчылыгын жактады, аны түшүнбөйт жана ошол шартта түшүнүүгө да мүмкүн эмес эле. Ошондуктан өз ишениминде Кедейдин жогоркудай иштерин терс баалап, экинчиден, күнөөсүз башы алынганы отурган кырк жигитти аяп, анын колго түшүшүнө себепчи болот. Жогоркудай кемчиликтерине карап, Саалынын образын терс каармандын катарына кошууга болбойт, анткени ал поэмада эч кимдин эмгегинен пайдаланбаган, ачарыкка жардам көрсөткөн жармач, момун адам катарында сүрөттөлөт.

Поэмада ар бир каармандын өзүнө ылайыктуу речтик өзгөчөлүк сакталат. Кедейдин ар бир сөзүнөн укмуштуудай акылдуулук, чечкиндүүлүк ачык байкалат.

Кедей тарабынан «касиеттүү эшеним», «ач арыктын атасы» ж. б. сөздөр дин өкүлдөрүн шылдыңдоо мыскылдоо максатында каймана маанисинде колдонулат.

Терс каармандардын кылык-жоруктарын ашкерелөөдө, алардын бетин ачууда таамай эпитеттер колдонулган. Мисалы, эпосто:

Калпалар келди каркылдап,
Дубаналар, сопулар
Асалары шыркылдап[2]

— деп дин өкүлдөрүн журт аңдыган каргага теңөө, салыштыруу орун алган. Диндин жалгандыгы Кедейдин кыймыл-аракетинен ачык көрүнөт. Байлардын малын уурдап айыл арасына чуу салып, өмүрүндө тобо-топук кылбаган жетим эшендин ээрчитип барып, селде ороңчу ак топуну алдырып, жай намазын салдырып, беш убак намаздын белгилерин үйрөтүп коюусу менен эле безилдеп шарияттан сүйлөп, колуна теспе алып, сопулуктун жолуна түшөт. Поэмадагы бул сыяктуу таамай эпизоддор дин өкүлдөрүнүн «касиеттүүлүгүн» жокко чыгарат. Кедейдин речинде какшык, өтмө маанисиндеги сөздөр өтө көп колдонулат.

Ал поэмадагы:

[1] Кедейкан. 1938-ж., 21-бет.
[2] Кедейкан, 1938-ж., 43-бет.



Карыптарга кайрыкер,
Бечарага боорукер,
Мен сураган сырыңды,
Азирет эшен айтып бер[2]

сыяктуу ыр саптарынан көрүнөт. Бирок, ошондой эле айрым эпитеттердин, таамай салыштыруулардын каймана маанисинде колдонулуп калган учурлары да кездешет. Мисалы, «арам куу», «ырысы жок каракчы», «купшуңдаган куу кедей» сыяктуу сөздөр Азимкан, Ак эшен тарабынан Кедейди кемсинтүү максатында терс мааниде колдонулса да, поэмада элдин симпатиясы «пайгамбардай», «периштелүү» эшенге эмес, «купшуңдаган куу кедейдин» тегерегине топтолот.

Чыгармадагы идеянын иш жүзүнө ашышында бул, же тигил даражада айтуучунун жекече таланты чоң роль ойнойт. Анткени чоң таланттуу, кругозору кенен акындын чыгармасы идеясы жагынан курч, көркөм да чыгат. Ошондой эле айтуучунун жекече көз карашы, ой жүгүртүүлөрү поэмага чагылышпай койбойт. Бул Токтогулдун вариантынан ачык байкалат. Динди жана анын өкүлдөрүн ашкерелөөдө эпоско модернизация элементтеринин кирип кетиши да демократ-акын Токтогулга байланышат. Анткени, ошол кездеги тарыхый шарт боюнча дин өкүлдөрүнүн таасын бетин ачуу, таамай ашкерелөө, аларды эл ичинен кубалоо өтө эле чектен чыккандык эле. Мындан динге, диндин өкүлдөрүнө каршы чыгуу «Кедейканга» чейин кыргыз оозеки чыгармачылыгында орун алган эмес деген жыйынтык чыкпайт. Ага чейин эле айрым тамсил, макал, лакаптарда жогоркудай идеялар орун алып келген. Басмага даярдоо мезгилинде Ө. Жакишев, К. Акиевге «Эмне үчүн Ак эшен менен Азимканды тентитип жибердиңер»[2] — деген суроо менен кайрылат. К. Акиев:

«Токтогул ушундай айтчу эле. Анткени ал киши динди көп кадырлоочу эмес. Эшенди, молдону көргөндө эки ийнин куушуруп, аларга дайыма тишин кайрап, бирдеме айтып жиберүүчү өңдөнүп турчу»[3] — дейт. Демек демократ-акындын айрыкча айдоодон келгенден кийин динге ишенбегендиги, анын өкүлдөрүн жек көргөндүгү талашсыз маселе. Ошого байланыштуу акындын жеке көз карашы, жеке түшүнүгү, өз мамилеси поэманын идеялык салмагына орчундуу кошумчалардын кирип кетишине себепчи болот. Натыйжада эпостогу:

Бир сөзүңдү эки айткан
Алдамчы эшен экенсиң[4]

[1] Кедейкан. 1938, 45-бет.
[2] Кедейкан эпосуна жазылган баш сөздөн караңыз. 1938-ж., 8-б.
[3] Жогоркудан караңыз, 8-б.
[4] Кедейкан. 1938-ж., 56-бет.

деген ыр саптары Токтогулдун «Эшен-калпа» аттуу сатиралык ырындагы:

Алдамчы бар дечү эле,
Туура сөздү билбеген,
Жалганчы бар дечү эле[1]

сыяктуу ыр түрмөктөрү менен идеялык үндөштүгү мындай турсун, эпитет сөздөрдүн колдонулушу, көркөмдүк өзгөчөлүгү жагынан да бири-бирине дал келип турат. Жыйынтыктап айтканда, поэмада диндин өкүлдөрүн шылдыңдоо, мыскылдоо Токтогулдун дин жөнүндөгү башка ырлары менен идеялык-көркөмдүк жагынан тутумдашат.

Токтогулдун вариантына жорго сөз менен куюлушуп, ырдык ритманы түзгөн кара сөз формасындагы түшүндүрүүлөрдүн колдонулушу мүнөздүү. А. Үсөнбаевдин версиясында окуя «Даныйча-кедейдин Азимкандын ордуна хан болгону», «Азимкандын мусапырчылыгы», «Азимкандын кайра бак-дөөлөттүү болгону» деген үч чоң темага бөлүнүп баяндалат. Ал үч тема өз ара 14 майда темачага бөлүнөт. Ар бир темачага жайланыштырылган окуя өзүнчө башка-башка эпизодду түзөт.

Бул вариант боюнча бир окуя менен экинчисинин ортосунда композициялык тыгыз бирдик сакталбагандыктан, каармандын бул, же тигил аракети акталбайт. Натыйжада Даныйчанын (Кедейдин) бийликти ээлеши мурун даярдалбагандыктан, анын кийин хандыкты Азимканга бербей коюшу ишенимсиз чыккан. Ал эми Токтогулдун вариантында Кедейдин бардык кыймыл-аракетинин эл ишеними, түшүнүгү менен бирдикте көркөм сүрөттөлүшү окуянын чечилишинде күдүктөнүүнү туудурбайт.

Поэманын аякталышында да оозеки чыгармачылыкка мүнөздүү традициялык өзгөчөлүк сакталат. Эпостун элдик каармандын жеңиши менен аякташы адилеттүүлүктү эңсеген элдик идеянын жүзөгө ашкандыгын көрсөтөт.

Эгерде «Төштүк», «Курманбек» эпосторуна редифтин колдонулушу мүнөздүү болсо, «Кедейкан» эпосунан кездешпейт. Буга караганда редиф ыр түзүлүшүнүн системасында алгачкы формалардан болуу керек деген айрым изилдөөчүлөрдүн пикирин толук кубаттоого болот. Анткени «Кедейкан» эпосунда редифтин учуратылбашы анын жаралган доорунун жаңылыгы менен түшүндүрүлөт.

Поэмага модернизация элементтеринин кирип кетиши, анда өз доорунун таламынан четтеген терминдердин орун алышына алып келген. Поэмадагы:

[1] Токтогулдун чыгармалар жыйнагы. 1956-ж., 34-бет.



«Байдын малын уурдадым,
Малай жүрсөм турбадым.
Миң башы менен корбашы
Колго тийсе бурдадым»[1]

сыяктуу ыр саптарында Октябрь революциясынан кийин гана кыргыз элинин лексикасына кирген корбашы деген сөз учурайт.

А. Үсөнбаевдин варианты дээрлик:

«Азимкан тактын береди,
Азимкан такты берди деп,
Амма журт укту дереги
Эртең тактын бергин деп,
Эшенди салып ортого
Азимдин айткан кеби эле»[2]

сыяктуу стропалык жана ички интонациялык уйкашы жок ыр саптарынан турат. Жогорку версия боюнча көлөмдүү окуя Азимканга арналып, Даныйчанын кыймыл-аракетине аз орун берилгендиктен, бул варианттан элдин нукура идеясы күүгүм көрүнөт.

«Кедейкан» эпосу кыргыз элинин башка баатырдык поэмаларынан көркөмдүгү жагынан да кескин айырмаланат. Анткени айтуучудан айтуучуга өтүүчү туруктуу тексттер, көркөм сөз каражаттары бул эки вариантта тең учурабайт. Ошондой эле өз ара да көркөмдүгү жагынан бири-биринен айырмаланат. Жогоркудай айрым өзгөчөлүктөр эпос узак убакыттар бою кара сөз формасында жашап, анын ыр түрүндөгү варианты элдин кеңири катмарына тарап жетише алган эмес го деген ойго алып келет.

Адилеттүү «башкаруучуну» эңсөө, динди жана анын өкүлдөрүн мыскылдоо сыяктуу идеялар Токтогулдун вариантында өтө ачык, өтө даана өнүктүрүлгөн.

Поэманын мүнөзүнө жараша анын көркөм сөз каражаттары да өзгөргөн. Укмуштуудай окуялардын, апыртмалуу сүрөттөөлөрдүн орун албагандыгына байланыштуу каармандын баатырдыгын айгинелей турган «баатыр», «айкөл», «кабылан», «берен», «арстан» сыяктуу эпитеттер учурабайт. Поэмада жаралган доорду, коомдук шартты мүнөздөй турган кедейлердин оор турмушун көрсөтүүчү «куу тумшук», «куу кедей» сыяктуу эпитеттер орун алат.

Эпос элдин эзелки кыялынын ,үмүтүнүн жыйындысы. «Кедейкан» эпосу өзүнүн ичине карапайым адамдардын көз карашын, түшүнүгүн ой-сезимин, турмушун батыра алган жана

[1] Токтогул. Чыгармалар жыйнагы, 1956-ж., 275-бет.
[2] Академиянын коомдук илимдер бөлүмүнүн фондусу. Инв. № 243, 18-бет.

элдин атынан сүйлөп алардын кызыкчылыгын көздөгөн поэма. Анын ой-санаасы да, үмүтү да бизге өтө жакын. Бул поэмадан кылымдар бою элдин турмушка карата болгон оптимисттик умтулушу, ою, тилеги жана күрөшү даана көрүнөт. Эл өз чыгармаларында өз каарманынын идеялын берген Кедейкандай элдик күрөшүүчүнүн образын түзгөн, ал аркылуу элди күрөшкө чакырган. Поэма канчалык феодал төбөлдөрү тарабынан бурмалангандыгына карабастан, өзүнүн таза элдик идеясын сактап калган. Ал эми эпоско улуу демократ-акын тарабынан коомдун шартына, таламына байланыштуу айрым кошумчалардын киргизилиши анын маанисин төмөндөтпөйт. Анткени Токтогул элдин акыны. Токтогул элден алып, элге берген. Бирок аны элге берүүдө ошол кезде элди толкундаткан маселелерди чагылыштырган. Ал эзүүчү таптарга эч качан келишүүчүлүк, боорукерлик менен мамиле кылган эмес. Ошондуктан, поэмадагы экинчи окуя анын көз карашына такыр туура келбейт. Улуу акынга эпостун элдик варианты таандык. Поэма социалдык маселелерди курч коюшу менен башка эпостордон өзгөчөлөнөт. «Кедейкан» эпосу кыргыз фольклорунда сүйгүнчүктүү орунду ээлеп кала берет.

---

МАЗМУНУ

Автордон . . . . . . . . . . . 3
«Кедейкан» эпосунун чыгыш доору жана анын варианттары . 5
«Кедейкан» эпосунун идеясы жана көркөмдүк өзгөчөлүгү . . 21



Түзөтүүлөр

| Бети | Жолу | | Басылганы | Туурасы |
|---|---|---|---|---|
| | үстүнөн | астынан | | |
| 7 | — | 13 | жаратып | жаралып |
| 27 | 16 | — | каршынан | карашынан |
| 27 | 21 | — | жаштоого | жашоого |
| 32 | — | 15 | көтөрүлүшү | көтөрүшү |
| 29 | 11 | — | ашкерлеген | ашкерелеген |
| 6 | — | 21 | идеялын | идеалын |

К зак. 1836/1